№6
(3559)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2024-жылдын
23-январы

www.erkin-too.kg

# УБАКЫТ… МЕЗГИЛ… ИНСАН…



3-бетте

ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg

## Москвага жасалган иш сапар

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Москва шаарына (Россия Федерациясы) жумушчу сапары менен барып келди.

Визиттин алкагында Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасы Михаил Мишустин жана Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасынын орун басары, Кыргыз-Россия Өкмөттөр аралык соода-экономикалык комиссиясынын илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташтык боюнча теңтөрагасы Алексей Оверчук менен жолугушуулар болду.

Бул жолугушуулардын жүрүшүндө тараптар көп тармактуу кыргыз-орус кызматташтыгынын эки тараптуу күн тартибинин актуалдуу маселелерин талкуулашты, соода-экономикалык жана инвестициялык кызматташууну активдештирүү пландарын белгилешип, мурда жетишилген макулдашууларды ишке ашыруу боюнча «синхрондук байкоо жүргүзүп», Соода-экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча кыргыз-орус өкмөттөр аралык комиссиясынын 25-жыйынынын жана 11-аймактар аралык кыргыз-орус конференциясынын датасын макулдашышты.

# Социалдык фонддун бюджети профицит менен белгиленди



Президент Садыр Жапаров "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга жана 2025–2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" мыйзамга кол койду. Ал 2024-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Мыйзамда Социалдык фондун 2024-жылга бюджети кирешелер боюнча 106 982 454,9 миң сом суммасында жана чыгашалар боюнча 105 323 406,5 миң сом суммасында бекитилери каралган. Мында Социалдык фондун 2024-жылга бюджетинин профицити 1 659 048,4 миң сом суммасында белгиленүүдө.

## Жаңырган жылдагы жаңы кадамдар



Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров КР Президентинин Ош, Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Талас, Ысык-Көл, Чүй облустарындагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлеринин 2023-жылда жасаган иштери боюнча отчётторун жана 2024-жылга карата иш-пландарын угуп, сөз сүйлөдү.

Анда Министрлер Кабинетинин Төрагасы өлкө экономикасынын реалдуу секторунда жана тышкы сектордо, мамлекеттик финансыдагы жетишкендиктерге токтолуп, быйыл административдик-территориалдык реформа жүргүзүүдө өзгөчө көңүл буруларын билдирди. Өнүктүрүү фонддору боюнча да өзгөчө сөз болушу керектигин айтып, облустун жана райондун өнүктүрүү фондоруна жалпысынан 2,8 млрд сом келип түшкөнүн, анын 1,7 млрд сому жумшалганын белгиледи.

Мындан тышкары, Акылбек Жапаров республикалык бюджеттин жана жергиликтүү бюджеттин аткарылышын мындан ары дагы жакшыртуу үчүн аймактарда өндүрүш ишканаларын жандантуу, ошондой эле Салык кызматы жетиштүү деңгээлде ККМ менен камсыз кылуусун тапшырды. Ага катар, жер мунапысынын алкагындагы иште 140 миңден ашык арыз келип түшкөнүн айтып, анын 50%ы канааттандырылганын билдирди.

## Инвестиция тартуу – учурдун талабы



Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Инвестициялык фонддун корпоративдик стратегия боюнча башкы директорунун орун басары Мариус Дэн баштаган Franklin Templeton компаниясынын өкүлдөрү менен жолукту.

Жолугушуунун жүрүшүндө активдерди башкарган компаниянын ишмердүүлүгү боюнча презентация жасалды. Тараптар кызматташуунун актуалдуу маселелерин, анын ичинде өлкөгө инвестиция тартуу, мамлекеттик компанияларды башкарууда реформаларды жүргүзүү, корпоративдик башкарууну жакшыртуу, ошондой эле компаниянын Бишкек шаарында өкүлчүлүгүн ачуу мүмкүнчүлүгүн талкуулашты.

## Тарыхый чекти басып өттүк



Кыргызстандын экономикасынын реалдуу секторунда 2023-жылы тарыхый чекти баскан жыл болгонун Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров жергиликтүү мамлекеттик органдардын жетекчилеринин катышуусунда өтүп жаткан жыйында билдирди.

Анын айтымына караганда, Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, ички дүң продукттун көлөмү 1 трлн 228 млрд 900 млн сомго жетти, өсүү темпи 6,2%. Кумтөрдү кошпогондо 1,15 трлн сом, өсүү – 8,1%ды түздү.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы экономикадагы реалдуу секторду үлүшүндө кызмат көрсөтүүлөр 50,8%, ал эми товар өндүрүүчү тармактар 32,3%ды түзгөндүгүн кошумчалады.

## Мал чарбачылыгы маанилүү тармак

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев Сокулук районундагы Кыргыз мал чарба жана жайыт илимий-изилдөө институтунун жана "Кыргызмамасылтукумзаводу" мамлекеттик ишканасынын ишмердүүлүгү менен жеринен таанышты.

Учурда институттун асыл-тукум биолабораториясында ири мүйүздүү малды генетикалык жактан жакшыртуу жана жасалма уруктандыруу потенциалын жогорулатуу, региондордогу техник уруктандыруучуларды суюк азот менен камсыздоо иштери үзгүлтүксүз жүрүүдө. Төрөбаев тарабынан бул багытта район жетекчилерине, акимдерге, техник уруктандыруучу жана фермерлерге атайын окуу семинарларын уюштуруу тапшырмасы берилди.

Мындан тышкары, Сокулук районундагы "Кыргызмамасылтукумзаводу" мамлекеттик ишканасынын жетекчисине ишкананы толугу менен реконструкциялоо боюнча сметалык долбоор даярдоо тапшырылды.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

**ПРЕЗИДЕНТТИК КЫЗМАТТА ҮЧ ЖЫЛ**
www.erkin-too.kg

# УБАКЫТ... МЕЗГИЛ... ИНСАН...

Садыр Жапаровдун Президент болуп шайланганына үч жылдын жүзү болду. Мына ушул аралыкта үмүттөр акталдыбы, максаттар чегине жеттиби деген собол жаралбай койбойт. Андан калса, бүгүнкү күндөгү “жумурткадан кыр” издеген саясатташкан коомдо терс көз караштар үстөмдүк кылып, калыс пикир карбаластап турган чагы. Ошондой болсо да, өлкө башчысынын жасаган ишине назар салып, жакшысын жакшы дейли. Келечекке карай илгери үмүт менен жашайлы.



***

УБАКЫТ - учкан куш. Убакытка укурук сала албайсың дейбиз. Арийне, учурдагы маалыматтык технологиянын заманында убакытка баш ийбеген ачылыштар жүз берүүдө. Демек, кыргыз бийлиги дагы убакытка уттурбай, асыл максаттарды көздөп, алдыга адымдай бериши ийгиликтин башаты.

Президент Садыр Жапаровдун бийликке келген үч жылы аз эле убакыттай көрүнгөнү менен жасалган иштер 30 жылга тете болгонун коомчулук моюнга алууда. “Калк айтса – калп айтпайт” дейт. Бул дагы болсо, элдин бийликке болгон ишеними.

3 жыл... Өлкө башчысынын командасы мына ушул аралыкта Кыргызстанды экономикалык оор кырдаалдан алып чыгууга басым жасап жатканы айкын. Убакытты туура пайдалануу менен бирге эл чарбасынын бардык тармагын каржылык колдоого артыкчылык берип, банк системасында, фискалдык саясатта заманбап тейлөөнү камсыз кылууну колго алышты. Ошондой эле коомдун оорусуна айланган коррупция, кылмыштуулук менен аёсуз күрөш жүргүзүп, “көмүскө” экономиканын бетин ачып, мамлекеттик казынаны толтурууга болгон аракетин жасашты. Натыйжа жаман эмес.

Үч жыл мурда дүйнөлүк каржы уюмдары Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүнө ишенбегендей, пессимисттик божомолдорду билдирип келсе, акыркы жылдарда алардын көз карашы өзгөрдү. Өлкөдө дээрлик бардык тармакта жандануу бар. Ошону менен бирге өнүгүүгө негиздер жаралууда.

Цифра – өжөр факты. Назар салалы. Азыркы бийлик мамлекетти башкарууну колго алганда өлкөнүн ички дүң продукциясы минус 7,1%га төмөндөгөн болсо, 2020-жылдан бери 439 млрд сомго өсүп, 2022-жылдын ИДПсы 11,5 млрд долларды түздү. Ал эми 2024-жылы 2 эсе көбөйүп, 1 трлн 259 млрд сомдук рекорддук көрсөткүчтү убада кылышууда. 2024-жылга мамлекеттик бюджет 414,2 млрд сомду түзүп, 20 млрд сом профицит менен менен бекитилди.

Маселен, бажы төлөмдөрү 2020-жылы 28,9 млрд сомду түзсө, 2023-жылы 107,6 млрд сомдук чекти багындырды. Ал эми салык кызматы быйылкы жылы 230 млрд сом топтошу күтүлүүдө. Бул сумма өткөн жылга салыштырмалуу 49 млрд сомго көп.

Мамлекеттик банктардын уставдык капиталы 3-4 эсе көбөйтүлүп, өндүрүшкө сом менен кредит бере баштады. Мамлекеттик ипотекалык компаниянын республиканын бардык аймактарында ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. Аталган компаниянын уставдык капиталы 2020-жылы 480 млн сомго жетип, учурда Бишкекте 6 миңден ашык квартира курулуп жатат.

Билим берүү тармагында бир жылдын ичинде эле жүздөгөн мектеп курулуп, ишке берилип жатат. Саламаттык сактоого 2022-жылы 207 атайын жабдуулар алынып, 335 автоунаа, анын ичинде 218 тез жардам, 117 санитардык унаа алынган. 2023-жылы 30 медициналык объектте курулуштар жүргөн. Энергетика секторунда жакынкы жылдары 7 миң МВаттык ири долбоорлор ишке ашырылып, Токтогул, Камбар-Ата-2, Үч-Коргон ГЭСтеринде электр энергиясын өндүрүү кескин көбөйөт экен. 30дан ашык чакан ГЭС иштей башташы күтүлүүдө.

Транспорт жана жол тармагы эки жылда 1386 км жол асфальтталса, эки жылда Кыргызстанга 298 даана жол куруу техникалары келиптир. 20 км темир жол салыныптыр.

Курулуш тармагында 1724 социалдык объекти бүткөрүлүп, 106 таза суу объектиси ишке берилип, 231 миң адам ичүүчү таза суу менен камсыз болгон.

Айыл чарбасына лизингге 2431 техника алынып, ирригациялык түйүндөр толугу менен калыбына келтирилип жатат. Жайыттарга үрөн себилип, “жашыл” экономикага артыкчылык берилип келатат. Өзгөчө кырдаалдар, ички иштер, коргонуу министрлигинин материалдык-техникалык базасы жаңыланды. Шаарларга жаңы автобустар келип жатат.

Фискалдык саясатта санариптештирүү өз жемишин берүүдө. Башкаруу толугу менен электрондук документ жүгүртүүгө өттү. Бардык чечимдер санарип форматка өткөнү турат. “Түндүк” мобилдик тиркемелери, справкалар, санариптик документтер, банктардын тиркемелери, каттоо, электрондук нотариат кеңири кирди. Мына ушул жасалып жаткан долбоорлордун дээрлик бардыгы республикалык бюджеттин эсебинен каржыланган. Чынында эле отуз жылда жасалбаган иштер колго алынды. Демек, убакыт бизге иштегинин баса белгилейли.

***

Биз өтө оор мезгилде жашап жатабыз. Анткени, көз караштардын кагылышы чегинен чыгып, дүйнөдө ири державалардын тиреши күч алып, олку-солку саясат өкүмүн жүргүзүүдө. Экономикалык санкциялар, климаттын, геосаясий баланстын өзгөрүшү жана башка толгон-токой глобалдуу маселелер биз каалайбызбы, каалабайбызбы, өлкөнүн өнүгүшүнө өз таасирин тийгизери талашсыз.

Ушул өңүттөн алып караганда, Президент Садыр Жапаров үч жылдын аралыгында глобалдуу саясаттын алкагында БУУ, ШКУ, КМШ, Евросоюз, ЕАЭБ баш болгон эл аралык уюмдары менен кызматташууну күчөтүп, өлкө башчысы эң оболу кошуналар менен алаканы жакшыртууга басым жасаганын өзгөчө белгилеп кетели. Быйыл Кыргызстан эл аралык саясий ири иш-чараларды өткөрүүнүн борборуна айланып, КМШ өлкөлөрүнүн мамлекет башчылары бир нече ирет иш сапар менен келип кетишти. Бул эл аралык урматсыйдагы дипломатиялык мамилелер өскөндүгүн тастыктайт.

Тышкы дипломатиялык карым-катнашта Президенттин натыйжалуу саясатынын аркасында тышкы сооданын көлөмү 2023-жылдын январь-сентябрь айларында 10,8 млрд долларды түзүп, 2022-жылга салыштырмалуу 26,2%га өсүш берди. Же болбосо, өткөн жылы Кыргызстан Борбордук Азиянын бардык өлкөлөрүнүн ичинен өз ара инвестиция тартуунун көлөмү боюнча алдыңкы позицияны камсыз кылды. Аталган аймакта өз ара түз инвестициянын көлөмү 1,1 млрд долларды түзсө, анын үлүшүнүн 63%ын Кыргызстан пайдаланыптыр.

Чек ара маселесинин чечилиши кылдат каралып, кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасын делимитациялоо процесси аяктап калса, кыргыз-тажик чек арасын тактоо иштери эки өлкөнүн дипломатиялык түшүнүүчүлүк нугуна түшкөндүгү кубандырат.

Мамлекеттер аралык кызматташуунун дагы бир артыкчылыктуу жагы – өнөктөш катары эки тараптуу каржылоо принциптери өз жемишин бере баштады. Кыргызстанда Россия-Кыргыз, Өзбек-Кыргыз, Венгер-Кыргыз каржылоо фонддору өлкөнүн экономикасына салым кошо баштаса, булардан тышкары Азербайжан фонду жана уставдык капиталы 100 млн долларды түзгөн “Абу-Даби Кыргыз Инвестмент” ачык акционердик коомун жана уставдык капиталы 500 млн долларды түзгөн Түрк инвестициялык фондун ишке киргизүү күтүлүүдө.

Эки тараптуу кызматташуу жанданып, соода-логистикалык борборлор курулууда. Логистикалык потенциалды жогорулатууда Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолун жана автомобилдик жолдорду куруу чоң ролду ойнойт. Ошол эле учурда жүк ташуучулар үчүн Түркмөнстан аркылуу түштүк коридор маршруту иштелип чыгууда. Бул маршрут аркылуу бир жарым миллиарддан ашык калкты түзгөн Кытай рыногуна кирүүсүнө, ал эми Каспий деңизи аркылуу Россияны жана Батышты көздөй барууга дагы бир жол ачылат.

Мезгил мерчеминен жазбайт. Мамлекет болобу, жеке адамбы, ал мезгилдин бүктөмүндө калбай турган бараандуу иш жасоого акылуу. Демек, мындай шартта өлкө башчысынын вазийпасы эки эселеп жооптуу экени бышык. Ошондуктан, Садыр Нургожоевичтин алдыда жасай турган иштери арбын.

***

Президент эң оболу ал – инсан. Жалпы элдин көпчүлүк добушу менен шайланган өлкө башчысы.

Садыр Жапаровдун мамлекет башчысы катары артыкчылыгы – элге жакындыгында, маселени тез чече билгендигинде. Базарлардагы ККМ аппаратына болгон наразы болгон жарандарга өзү барып түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатканы элдин пикири менен эсептеше билгендиги десек болот. Коомдогу ар кандай бүйүр кызыткан маселелер боюнча жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу кечиктирбестен жооп берип, өзүнүн позициясын билдирип келет. Же болбосо кечээки эле “KG групп” курулуш компаниясынан жабыр тарткан жарандарыбыздын арызын-дооматын угуп, мамлекеттик тиешелүү мекемелерге тапшырма бериши дагы, маселени алдын алуу деп түшүнүүгө болот.

Президенттин бийликке келгендеги үч жылдык ишмердүүлүгү сын көз караштын бутасына алынып келгени чындык. “Убадаңа чыда да” деп сындагандар дагы жок эмес. Бирок, анын саясий ишмердүүлүгүнө назар салып отуруп, берген убадаларынын көпчүлүгү жакшы нукка оогонун тартынбай эле айта алабыз. Президент Садыр Жапаров өлкөнүн казынасын 20 млрд сом дефицит менен алса, быйылкы жылдын бюджетин 20 млрд сом профицит менен бекитти. Бизнести жүргүзүү үчүн максималдуу ыңгайлуу шарттарды түзүүгө убада берген. Министрлер Кабинети тарабынан ишкерлерге болуп көрбөгөндөй жеңилдиктер каралды. Экономикага түз инвестицияларды тартуу боюнча сөз болгон. Түз инвестиция тартуу боюнча Орто Азия өлкөлөрүнүн арасында лидербиз. Мамлекеттик активдерди колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сөз берилген. Учурда мамлекеттик активдер натыйжалуу башкарылып, киреше бере баштады. Өлкө башчысы өз кайрылуусунда мигранттарды өлкөгө кайтаруу маселесин көтөргөн экен. Үч жылдын ичинде республикада өнөр жайында 60 ишкана ачылып, 7700 туруктуу жумушу оруну менен камсыз болуптур. Азыркы күндө кийим тигүү, курулуш тармагы жумушчуларга муктаж. Алардын убада кылган айлыгы деле чет жактагы айлыктан кем эмес. Демек, мигранттарды кайтарып келүү процесси башталды десек болот.

Өлкө башчысынын демилгеси менен Баткен облусуна өзгөчө статус ыйгарылып, кыйла жеңилдиктер берилди. Жыл сайын өнүгүү үчүн мамлекеттик бюджеттен 500 млн сом бөлүнүп жатат. Республикадагы ири шаарлар - Каракол, Жалал-Абад, Нарын, Талас, Ош, Кара-Балта жана Токмок шаарларын өнүктүрүүгө ири суммадагы каражат бөлүнүүдө.

Башкаруунун натыйжалуулугун арттыруу максатында административдик-аймактык реформаны жүзөгө ашырып жатат. Жаңы түзүлгөн айыл аймактарында үнөмдөлгөн каражаттардын эсебинен башка зарыл иш-чараларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү пайда болууда. Мына ушунун бардыгы Президенттин түздөн-түз кийилигишүүсү аркылуу элдин мүдөөсүн аткаруу үчүн көрүлгөн камкордук. Муну инсандык парасат, кыраакылык деп түшүнүүгө болот.

Албетте, өлкөдө маселе көп. КМШ өлкөлөрүнө салыштырмалуу Кыргызстанда айлык акынын көлөмү эң төмөнкү чекте турат. Чек араны чечүү, миграциялык процесстердин алдын алуу жана башка толгон-токой маселелер өлкө башчысынын күн тартибинде турат. Бирок, мамлекеттик деңгээлдеги иш-чаранын бардыгы коомчулуктун колдоосуна муктаж. Ансыз ийгиликтерди жаратуу кыйын.

**Шекербек КАЛЫКОВ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫНДАГЫ ӨТКӨРҮҮ ПУНКТТАРЫНДА ЖАНА АВТОМОБИЛЬ ЖОЛДОРУНДА ТРАНСПОРТТУК КОНТРОЛДУ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишим менен бекитилген Евразия экономикалык бирлигинин тышкы чек арасында транспорттук (автомобилдик) контролду жүзөгө ашыруу тартибинин ченемдерин аткаруу бөлүгүндө Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткарууну камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-beренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 19-ноябрындагы №556 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чегарасында эл аралык автомобилдик, аба жана темир жол катнашы үчүн арналган өткөрүү пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын автомобиль жолдорундагы ички стационардык посттордун иштерин тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз-казак мамлекеттик чек арасындагы өткөрүү пункттарынын тизмесинде:

- төмөнкүдөй мазмундагы эскертүү менен толукталсын:

"Эскертүү: транспорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик чек арага жакын жерде транспорттук контроль жүргүзүлөт.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын автомобиль жолдорундагы ички стационардык посттордун тизмесинде:

"Транспорттук" графасынын 5-пунктунда "+" деген белги "-" деген белгиге алмаштырылсын;

"Транспорттук" графасынын 6, 14-пункттарында "-" деген белги "+" деген белгиге алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-августундагы №454 "Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунан транспорттук каражаттарды өткөрүү жана Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча жүрүү үчүн белгиленген ченемден ашкан транспорт каражаттарынын максималдуу өлчөмдөрүн жана башка линиялык параметрлерин таразалоодо жана өлчөөдө жыйымдарды алуу тартибин жана Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунан атайын жана бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражаттарын өткөрүү жана өткөрүүдө жыйымдарды алуу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пунктта:

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунан бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражаттарын, атайын транспорт каражаттарын өткөрүү жана өткөрүүдө жыйымдарды алуу тартиби;";

алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- Оор салмактагы жана чоң көлөмдөгү жүктөрдү ташууну жүзөгө ашыруучу транспорт каражаттарынын, атайын транспорт каражаттарынын автомобиль жолдоруна келтирген зыянынын жана залалынын өлчөмүн белгилөөнүн жана ордун толтуруунун тартиби;";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунан транспорттук каражаттарды өткөрүү жана Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча жүрүү үчүн белгиленген ченемден ашкан транспорт каражаттарынын максималдуу өлчөмдөрүн жана башка линиялык параметрлерин таразалоодо жана өлчөөдө жыйымдарды алуу тартибинде:

- $7^1$-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Евразия экономикалык бирлигинин бажы чек арасынын кыргыз участогундагы өткөрүү пункттарында алгачкы салмак-габариттик контролдон өткөн жана бажы органын идентификациялоо каражаттары, ошондой эле бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилген салмак-габариттик контролдоо актысы бар эл аралык ташуулардын транспорт каражаттары Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорундагы транспорттук контролдоо пункттарында кайрадан салмак-габариттик контролдоодон өтпөйт.";

- 8-пункттун төртүнчү, бешинчи абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- ушул Тартиптин $7^1$-пунктунун үчүнчү абзацында каралган учурларды кошпогондо, транспорт каражатынын жалпы массасын таразалоого жана октук салмак басымын, өлчөмдөрүн жана башка линиялык параметрлерин өлчөөгө жиберүү жөнүндө чечим кабыл алуу;

- транспорт каражатынын жалпы массасын жана октук салмак басымын, өлчөмдөрүн жана башка линиялык параметрлерин таразалоо жана өлчөө. Ушул Тартиптин $7^1$-пунктунун үчүнчү абзацында каралган учурларды кошпогондо, салмак-габариттик параметрлери жол берилген көрсөткүчтөргө дал келбеген, ошондой эле жүктү коштоочу документтери жок болгон учурда транспорт каражаты убактылуу токтотуу жайына жиберилет;";

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы колдонуудагы автомобиль жолдору боюнча жүрүүгө белгиленген транспорттук каражаттардын максималдуу уруксат берилген салмак-габариттик параметрлеринде:

- 1.3.1-пунктчасынын тогузунчу абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- конструкциясы жана багыты боюнча ири өлчөмдөгү жана (же) оор салмактагы жүктөрдү ташуу үчүн атайын арналган автопоезд автопоезддин курамына кирген автотранспорт каражаттарынын жол берилген массаларынын суммасынан ашпоого тийиш.";

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунан бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражаттарын өткөрүү жана өткөрүүдө жыйымдарды алуу тартибинде:

- аталышында "бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражаттарын" деген сөздөр "бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражаттарын, атайын транспорт каражаттарын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү, төртүнчү абзацтар менен толукталсын:

**"көп жолу колдонулуучу атайын уруксат** – салмак-габариттик параметрлери жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча жүрүү үчүн жол берилген көрсөткүчтөрдөн ашкан атайын транспорт каражаттарына берилүүчү уруксат;

**атайын транспорт каражаты** – атайын жабдууларды талап кылган атайын функцияларды аткаруу үчүн арналган транспорт каражаты (автокрандар, өрт өчүрүүчү автомобилдер, жумушчу платформалары бар көтөргүчтөр менен жабдылган автомобилдер, автоэвакуаторлор ж.б.);";

- 2-пункттун биринчи абзацында "бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражатын" деген сөздөр "бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражатын, атайын транспорт каражаттарын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 5-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражатын жана салмактык параметрлери алардын жол берилген белгиленген көрсөткүчтөрүнөн ашкан атайын транспорт каражаттарын өткөрүүгө атайын жана (же) көп жолу колдонулуучу атайын уруксат болгондо гана жол берилет. Атайын уруксаттын жана көп жолу колдонулуучу атайын уруксаттын формасы транспорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.";

тогузунчу абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Атайын уруксат электрондук форматта берилет же кагаз жүзүндө таризделет. Кагаз жүзүндө таризделген учурда түп нускасы ташуучуга же жүктүн ээсине берилет, көчүрмөлөрү автомобиль транспортундагы ишти жөнгө салуу жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда жана жол кыймылынын коопсуздугу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда калат";

- 6-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"6. Атайын уруксат алуу үчүн жүктүн ээси же ташуучу ташуулар башталганга чейин он күндөн кечиктирбестен автомобиль транспортундагы ишти жөнгө салуу жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга төмөнкү маалыматтарды көрсөтүү менен жазуу жүзүндө арыз берет:";

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Арызга айдоочунун күбөлүгүнүн, транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктүн (техникалык паспорттун), техникалык кароодон өткөндүгүн ырастоочу документтин, айдоочунун медициналык маалымкатынын көчүрмөлөрү тиркелет.";

- төмөнкүдөй мазмундагы $10^1$-$10^5$-пункттар менен толукталсын:

"$10^1$. Салмактык параметрлери жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча жүрүү үчүн белгиленген жол берилген көрсөткүчтөрдөн ашкан төмөнкүдөй атайын транспорт каражаттарына көп жолу колдонулуучу атайын уруксат берилет:

- бетон аралашмаларын ташуучу автобетон аралаштыргычтар;

- автокрандар;

- жүктөө-түшүрүү жумуштарын аткаруучу дөңгөлөктүү тракторлор жана салмактык параметрлери жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча жүрүү үчүн белгиленген жол берилген көрсөткүчтөрдөн ашкан дөңгөлөктүү өзү жүрүүчү технологиялык машиналар (айыл чарба комбайндарын кошпогондо).

$10^2$. Көп жолу колдонулуучу атайын уруксат 3 айдан бир жылга чейинки мөөнөткө электрондук форматта берилет же кагаз жүзүндө таризделет, түп нускасы транспорт каражатынын ээсине (айдоочусуна) берилет, көчүрмөсү автомобиль транспортундагы ишти жөнгө салуу жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда калат.

$10^3$. Көп жолу колдонулуучу атайын уруксатты берүү автомобиль транспортундагы ишти жөнгө салуу жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан анын салмактык параметрлери текшерилгенден кийин транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктө (техникалык паспортто) көрсөтүлгөн техникалык мүнөздөмөнүн негизинде жүргүзүлөт.

$10^4$. Эгерде көп жолку уруксатты алууга арыз автомобиль транспортунда жөнгө салуу жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын порталында электрондук документ түрүндө берилсе, арызга электрондук санариптик кол коюлушу керек.

Атайын транспорт каражатынын техникалык мүнөздөмөсүн көрсөтүү менен арыздын формасы транспорт жана жол чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.

Арызга төмөндө көрсөтүлгөн документтердин көчүрмөлөрү тиркелет:

- арыз ээсинин айдоочулук күбөлүгү;

- атайын транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүк (техникалык паспорт);

- эгерде транспорт каражатынын ээси башка жеке же юридикалык жак болсо, атайын транспорт каражатын башкарууга ишеним кат;

- милдеттүү техникалык кароодон өткөндүгүн ырастаган документ;

- зыяндын жана залалдын ордун толтуруу жана транспорт каражатын таразалоо үчүн жыйымдын төлөнгөндүгүн ырастоочу документ;

- атайын транспорт каражатынын фотосүрөттөрү.

$10^5$. Көп жолу колдонулуучу атайын уруксат арыз каралгандан жана атайын транспорт каражатынын салмактык параметрлеринин иш жүзүндөгү маанилери белгиленгенден кийин бир жумуш күндүн ичинде берилет.";

5) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Оор салмактагы жана чоң көлөмдөгү жүктөрдү ташууну ишке ашыруучу транспорттук каражаттардын автомобиль жолдоруна келтирген зыяндын жана залалдардын өлчөмүн белгилөөнүн жана ордун толтуруунун тартибинде:

- аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Оор салмактагы жана чоң көлөмдөгү жүктөрдү ташууну жүзөгө ашыруучу транспорт каражаттарынын, атайын транспорт каражаттарынын автомобиль жолдоруна келтирген зыянынын жана залалынын өлчөмүн белгилөөнүн жана ордун толтуруунун тартиби";

- 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Ушул Тартип оор салмактуу жана чоң көлөмдөгү жүктөрдү ташууну жүзөгө ашыруучу транспорт каражаттарынын, атайын транспорт каражаттарынын автомобиль жолдоруна келтирген зыянынын жана залалынын өлчөмүнүн ордун толтуруунун эсебине акы төлөөнүн жана эсептөөнүн тартибин аныктайт.";

- 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдоруна келтирилген зыяндын жана залалдын өлчөмү төмөнкүдөй формула боюнча эсептелет:

$S = C \times M \times L$,

мында S - зыяндын жана залалдын өлчөмү;

C - 1 км жол жүрүүгө 1 тонна ашыкча жүктүн ставкасынын өлчөмү, сом;

M - транспорт каражатынын ар бир огу боюнча таразага тартуу учуруна карата октук жүктүн белгиленген ченемдери менен иш жүзүндөгү маанилердин ортосундагы айырма (ондук үлүшкө чейин тегеректелет), тонна;

L - ташуунун аралыгы (ондук үлүшкө чейин тегеректелет), км.

Транспорт жана жол чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен реабилитация жана оңдоо жүргүзүлүп жаткан автомобиль жолдорунун участокторунда транспорт каражатынын жалпы салмагынын жана октук жүгүнүн белгиленген ченемдеринен ашкандыгы үчүн залалдын ордун толтуруунун өзгөчө тартиби белгиленет.

Эскертүү. Зыяндын жана залалдын өлчөмүн эсептөө үчүн транспорт каражатынын жалпы салмагына карабастан, октук жүгүнүн белгиленген ченемдери менен транспорт каражатын таразага тартуу учурундагы алардын иш жүзүндөгү маанилеринин ортосундагы айырма кабыл алынат.";

- төмөнкүдөй редакциядагы $5^1$-пункт менен толукталсын:

"$5^1$. Атайын транспорт каражаттарынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдоруна келтирген зыянынын жана залалынын өлчөмү төмөнкүдөй формула боюнча эсептелет:

$S = C \times M \times N$,

мында S - зыяндын жана залалдын өлчөмү, сом;

C – 1 тонна ашыкча жүктүн ставкасынын өлчөмү, сом.

1 тонна ашыкча жүктүн ставкасынын өлчөмү автомобиль жолдору боюнча жүрүү үчүн базалык жыйымдын өлчөмүн эсептөө методикасы боюнча жана транспорт каражаттарынын категориясына жараша аныкталат, алар төмөнкүлөргө барабар:

- $N_1$ категориядагы жүк ташуучу транспортко: $C_{n1}$ = 1,16 сом;
- $N_2$ категориядагы жүк ташуучу транспортко: $C_{n2}$ = 3,98 сом;
- $N_3$ категориядагы жүк ташуучу транспортко: $C_{n3}$ = 8,29 сом.

M - октордун санына жараша жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча жүрүү үчүн жалпы массанын белгиленген жол берилген ченеминен транспорт каражатынын иш жүзүндөгү жалпы массасынын ашып кетүү чоңдугу, тонна;

N - көп жолу колдонулуучу уруксаттын жарактуулук мөөнөтүнө барабар күндөрдүн саны (90, 180, 270, 365).

Мисал: Үч огу бар автокран үчүн жалпы массасы 10 тоннадан ашканда жана көп жолу колдонулуучу атайын уруксат 3 айга берилгенде зыяндын жана залалдын өлчөмү төмөнкүдөй болот:

S = 8,29x10x90 = 7 461 сом.";

- 6-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"6. 1 км жол жүрүүгө ашыкча жүктүн ставкасы 1 тонна үчүн 40 сом өлчөмүндө белгиленген.

Бөлүнбөс жүктөрдү жүк ташуучу автомобилдер, автопоезддер, ошондой эле үч жана андан ашык огу жана төрт жана андан ашык огу бар жана ар бир огунда төрт жана андан көп дөңгөлөгү бар жапыз рамалуу жарым чиркегичи (трал) бар жүк ташуучу сүйрөгүчтөр менен ташууга атайын уруксат алууда ашыкча жүктүн ставкасы 1 тонна үчүн 1 км жол жүрүүгө 20 сомго белгиленет.";

- төмөнкүдөй мазмундагы 13-пункт менен толукталсын:

"13. Көп жолу колдонулуучу уруксат алуудан жана автомобиль жолдоруна келтирилген зыяндын жана залалдын ордун толтуруу үчүн жыйым төлөөдөн төмөнкүлөрдүн атайын транспорт каражаттары бошотулат:

- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин (өрт өчүрүүчү автомобилдер ж.б.);

- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин;

- Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн;

- транспорт жана жол чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жол органдарынын;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин (медициналык лабораториялар ж.б.)";

6) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорундагы транспорттук контролдоо пункттарынын (ТКП) тизмесинде:

- мамлекеттик тилдеги "СГКПнын" деген сөз "ТКПнын" деген сөзгө алмаштырылсын;

- 5-пунктта "Кочкор-Арал – Төө-Ашуу автожолунун 91-6-чакырымы" деген сөздөр "Түндүк-Түштүк" альтернативдүү автожолунун 153,5 чакырымы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 9-пунктта "400" деген цифралар "427" деген цифраларга алмаштырылсын;

- 20-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 17-январы, №11***

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЭЛ ӨКҮЛҮ ЭМНЕ ДЕЙТ?
www.erkin-too.kg

### Жогорку Кеңештин депутаты Аманкан КЕНЖЕБАЕВ:

# “Президент суу маселесин чечүүгө 3 миллиард сом бөлдү...”

Кезегинде Сокулук районун эки ирет башкарган Аманкан Кенжебаевдин аймак үчүн кылган эмгектерин кичи мекениндегилер жогору баалашып, парламенттик шайлоодо аны атаандаштарынан ат чабым алдыга чыгарышкан. Андан бери парламенттеги активдүү эл өкүлү катары агрардык саясат, суу ресурстары жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитетти жетектейт. Биздин маек дал ошол агрардык маселелердин тегерегинде уланды.



**- Аманкан мырза, жаздын камын көрөөрдө Айыл чарба министрлигинде жетекчилер алмашып кетти. Мунун өзү тармактагы иштерге кедергисин тийгизбейби? Дегеле жазгы айдап-себүүгө карата Айыл чарба министрлигинин даярдыгы сиз башында турган комитеттегилердин купулуна толуп жатабы?**

- Тармак башына келген Бакыт Эргешович биринчи ирет министр болуп иштеп жаткан жери жок. Буга чейин 2 ирет министр, парламенттин 4 чакырылышына катары менен шайланган тажрыйбалуу эл өкүлдөрүнүн бири. Сөздүн кыскасы, бул жетекчиде тажрыйба жагынан кеп жок. Буга чейин депутаттык ишмердүүлүгүндө айыл чарбасы үчүн көп жумуштарды кылган. Азыр министр болуп келээри менен тармакка реформа жасоого батыл киришип, структураны алмаштыруу боюнча оозго алаарлык аракеттерди баштады. Биз министрлик менен бирге Ысык-Ата районунда жазгы талаачылык иштерине даярдык боюнча атайын семинар өткөрдүк. Быйыл кышка карата тоют жыйноо маселеси абдан чоң көйгөй жараткан иштерден болду. Дал ушул көйгөй жараткан ишти эске алып, Ысык-Атада өтө турган семинарды тоют жыйноо маселесине арнадык. Ал жерге өлкөбүздүн Ош, Ысык-Көл, Нарын, Чүй облустарынан атайын фермерлерди, коңшу Казакстандан өкүлдөрдү чакырып сүйлөшкөнү жатабыз. Ачык айтканда, министрликти сындаш оңой. Алдыдагы жаз, жай мезгилдери оңой болбойт. Өткөн жылы суу маселеси абдан оор болгонун жакшы билесиңер. Быйыл дагы жай мезгили адаттан тыш ысыгыраак болоору боюнча болжолдуу маалыматтар бар. Андыктан, суу жагынан быйыл деле өткөн жылдагыдай оор маселе жаралышы күтүлүүдө. Ошондуктан, азыртан баштап азык-түлүк маселесин карайбыз деген ойлорубуз бар.

**- Ток этери министрликтин иши купулуңузга толот экен да...**

- Башта айттым го, тармакты сындаш оңой. Азыр аракеттери бар. Бакыт Эргешович өзү баш болуп бир катар алгылыктуу иштерди баштаганынан кабардар болуп жатабыз. Өлкөбүздүн агрардык абалын жакшыртуу боюнча сындап гана турбастан, Айыл чарба министрлиги менен парламенттеги биздин агрардык комитетте биргелешкен иштерди чогуу аркалоодобуз. Быйыл жазгы талаа иштеринде үрөн жагынан көйгөйлөр болбойт. Үрөндүн бардык түрүнүн запастары Айыл чарба министрлигинде жетиштүү экенинен кабарым бар.

**- Деградацияга учураган жайыттарыбыздын абалын оңдоо боюнча өлкө башчыбыз быйыл чоң колдоо көрсөтүп жатканы барыбызга маалым. Бул маселе боюнча министрликке кандай сунуштарды киргизе алдыңыздар?**

- Ооба, быйыл Президентибиз Садыр Жапаровдун жеке тапшырмасы жана колдоосу менен деградацияга учурап бараткан 50 миң гектар аянтка үрөн алынып келинген. Ушул күндөрү алыскы жайыттарыбызга ошол үрөндөрдү кантип алып барып, себүү керектиги боюнча атайын жумуштар жүрүп жатат. Өткөн жылы суу маселесиндеги көйгөйлөрдү чечүү боюнча Президентибиз мамлекеттик казынадан 1 миллиард сом бөлүп берсе, быйылкы жыл үчүн 3 миллиард сом каражат бөлүп берип жатат. Ошол каражаттын 1 миллиард сому өлкөбүздөгү 40 райондун ар бирине 15 миллиондон 25 миллион сомго чейин атайын суу каналдарын оңдоп-түзөөгө бөлүп берип жатат. 800 миллион сом каражат өлкө аймагындагы БСР менен БДРлерге (суу топтоочу жайлар) каралууда. Анткени, кышында биздин көп сууларыбыз коңшу Казакстан менен Өзбекстанга агып кирүүдө. БСР менен БДРлерибиз оңолсо, коңшу өлкөлөргө агып кеткен сууларды өзүбүзгө кышы менен топтоп алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Парламенттеги агрардык комитеттегилер да суу маселесине активдүү көңүл буруп жатабыз. Бөлүнгөн каражаттын 1 миллиард, 200 миллион сому жер-жерлердеги УОСторго (суу чарба башкармалыктары) атайын техникаларды алып берүү каралууда.

**- Сугат суу жагынан маселе жаралары азыртан болжолдонуп жатса, көйгөйдөн чыгуунун башка жолун караштырып жатасыздарбы?**

- Жергиликтүү дыйкандар мамлекетти карап эле алакан жайып отурбастан, тамчылатып сугаруу маселесин жолго коюулары керек. Өткөн жылы бул жагын эксперимент кылып көрдүк. 40 тонналык контейнерди жасап алып, ичине суу топтоо менен тамчылатып сугарсак жыйынтыгы жаман болбосуна күбө болдук. Өткөн жылы башталган мындай саамалыкты быйыл да токтотпой, иш алып барсакпы деген оюбуз бар. Бул жагынан дыйкандар ишти баштап атканын көрүп, кубанып жатабыз. Мындай шартта болгону элге түшүндүрүү иштерин жүргүзсөк, жыйынтыгы деле жаман болбойт экен. Ушул жерден кошумчалаар сөз, карапайым дыйкандарыбыз да айыл чарба министрлигинин өкүлдөрүнүн талаачылык иштери боюнча маалыматтары менен түшүндүрүү иштерин угушса жаман болмок эмес.

**- Кезегинде Сокулук районун эки ирет башкарган жетекчи катары айтыңызчы, аймактык реформанын шарапаты менен Сокулуктагы айрым айылдар Бишкек шаарына кошулаары маалым болду. Ички миграциянын айынан калкты көтөрө албай бараткан Сокулуктагы көйгөйлөр муну менен азайып, район бийлиги айрым маселелерден арылып, жеңилдей түшөбү?**

- Административдик реформа биздин элибиз үчүн жаңы түшүнүк болууда. Биз дароо эле сындабастан, муну дагы түшүнүү менен кабыл алышыбыз керек. Албетте, кемчиликтери да болушу мүмкүн, бирок, биз аны оңдошубуз зарыл. Аймактык реформанын эпкини менен биздин Сокулук району боюнча Ново-Павловка менен Орок айыл өкмөттөрү баш калаанын карамагына кошулмай болду. Сокулукта 19 айыл өкмөтү менен 1 шаар болсо, анын 2 айыл өкмөтү Бишкек шаарына карап, калганы кыскарып, аймакта 10 айыл өкмөтү калат. Албетте, мындай кыскартуу менен каржылык жактан коромжулукка жол берилбейт. Келечекте бул реформанын жыйынтыгы сөзсүз жакшы жыйынтыктарды берээрине ишенем.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

---

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 13-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 41-берененин биринчи абзацы «144» деген цифралардан кийин «, 179» деген цифралар менен толуктадсын;

2) 198-беренеде:

а) берененин аталышында «темир жол өткөөлдөрүн» деген сөздөр «темир жол кыймылдуу курамын, темир жол транспортунун инфратүзүмүн» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 1-бөлүктүн биринчи абзацында «темир жол өткөөлдөрүн,» деген сөздөр «темир жол кыймылдуу курамын, темир жол транспортунун инфратүзүмүн жана» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 2-бөлүктүн биринчи абзацы «чиркегичтеринин» деген сөздөн кийин «, темир жол кыймылдуу курамынын жана темир жол транспортунун инфратүзүмүнүн» деген сөздөр менен толуктадсын;

г) 3-бөлүктүн биринчи абзацы «чиркегичтеринин» деген сөздөн кийин «, темир жол кыймылдуу курамынын жана темир жол транспортунун инфратүзүмүнүн» деген сөздөр менен толуктадсын;

3) 463-берене «181» деген цифралардан кийин «, 183-берененин 1-бөлүгү» деген сөздөр менен толуктадсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** — **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 18-январы, №18***

---

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ПРАВОНАРУШЕНИЯХ**

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 13 декабря 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) абзац первый статьи 41 после цифр «144» дополнить цифрами «, 179»;

2) в статье 198:

а) в наименовании статьи слова «железнодорожных переездов» заменить словами «железнодорожного подвижного состава, инфраструктуры железнодорожного транспорта»;

б) в абзаце первом части 1 слова «железнодорожных переездов,» заменить словами «железнодорожного подвижного состава, инфраструктуры железнодорожного транспорта и»;

в) абзац первый части 2 после слов «прицепов к ним,» дополнить словами «железнодорожного подвижного состава и инфраструктуры железнодорожного транспорта,»;

г) абзац первый части 3 после слов «прицепов к ним» дополнить словами «, железнодорожного подвижного состава и инфраструктуры железнодорожного транспорта»;

3) статью 463 после цифр «181» дополнить словами «, частью 1 статьи 183».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** — **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 18 января 2024 года, №18***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ОБЪЕКТИЛЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК РЕЕСТРЛЕРИ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

«Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-статьясына, «Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 4-бөлүгүнө, «Патент мыйзамы» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 4-бөлүгүнө, «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларын күчүн жоготту деп таануу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине, «Интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат**:

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы №154 «Салттуу билимдерди каттоого жана

пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө жана катталган салттуу билимдерди пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелерин, Кыргыз Республикасынын Салттуу билимдеринин мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы «, Кыргыз Республикасынын Салттуу билимдеринин мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартибин» деген сөздөр алып салынсын;

2) 1-пункттун үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын:

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы №155 «Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик объектилеринин мамлекеттик реестрлери жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбулада:

- «тейлөө белгилери» деген сөздөрдөн кийин «, географиялык көрсөтмөлөр» деген сөздөр менен толукталсын;

- «, «Электрондук эсептөө машиналары жана маалымат базалары үчүн программаларды укуктук коргоо жөнүндө» деген сөздөр алып салынсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик объектилеринин мамлекеттик реестрлери жөнүндө жободо:

- 2-пунктта:

төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

«ИМОнун электрондук мамлекеттик реестри - бул ИМОну, ошондой эле алардын укуктук статусунун бардык өзгөрүүлөрүн каттоо үчүн арналган жалпыга жеткиликтүү маалыматтар базасы, анын жардамы менен Кыргыз Республикасында укуктук коргоо камсыздалат.»;

6-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«6) Кыргыз Республикасынын товарлар чыгарылган жерлердин географиялык көрсөтмөлөрүнүн жана аталыштарынын мамлекеттик реестри;»;

төмөнкүдөй мазмундагы 16-пунктча менен толукталсын:

«16) Кыргыз Республикасынын салттуу билимдеринин мамлекеттик реестри.

Өтүнмө ээсинин арызы боюнча электрондук коргоо документи берилиши мүмкүн (ойлоп табууга, пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүсүнө, селекциялык жетишкендикке патент, товардык белгиге, тейлөө белгисине, жалпыга белгилүү товардык белгилерге, товар чыгарылган жердин географиялык көрсөтмөсүнө жана аталышына, автордук укук объектисине, чектеш укуктар объектисине, ЭЭМ үчүн программаларга, интегралдык микросхемалардын топологияларына, рационализатордук сунуштарга, салттуу билимдерге күбөлүк).

Патенттик ишенимдүү өкүлдүн арызы боюнча электрондук күбөлүк берилиши мүмкүн.»;

төртүнчү абзацтагы «1-15-тиркемелерде» деген сөздөр «1-16-тиркемелерде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- жогоруда аталган Жобонун 1-тиркемесинде:

2-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

3-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын: «Патентти каттоо, жарыялоо жана берүү үчүн алым төлөгөндүгүн ырастоочу документ патент берүү жөнүндө чечим өтүнмө ээсине жөнөтүлгөн датадан тартып үч айдын ичинде же көрсөтүлгөн үч айлык мөөнөт өткөн күндөн тартып кошумча акы төлөнгөн шартта үч айдын ичинде берилет.»;

6-пунктта:

төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

«- ачык лицензия берүү жөнүндө;»;

тогузунчу, онунчу абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- патенттин, автордун күбөлүгүнүн дубликатын берүү жөнүндө;

- патенттин колдонулушун калыбына келтирүү жөнүндө;»;

төмөнкүдөй мазмундагы он биринчи-он үчүнчү абзацтар менен толукталсын:

«- патент алууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө;

- патентти күчүндө кармап туруу жөнүндө;

- укуктарды мурастоо (мурас боюнча) тартибинде укукту өткөрүп берүү жөнүндө.»;

1-пунктчада:

онунчу абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- өзгөртүүлөрдүн укуктуулугун ырастоочу документтин көчүрмөсү (мурастоо укугу жөнүндө күбөлүктүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү);»;

жыйырманчы абзацтын экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Кароонун процессинде патент ээсине, патенттик ишенимдүү өкүлгө же өкүлгө почталык же электрондук дарекке жетишпеген же тактоочу документтерге суроо-талап жөнөтүлүшү мүмкүн.»;

жыйырма төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «- патент ээсинин, патенттик ишенимдүү өкүлдүн же өкүлдүн почталык же электрондук дарегине киргизилген өзгөртүүлөр менен патентке кошумча баракты жөнөтөт.»;

2-пунктчада:

биринчи-үчүнчү абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) Патентти өткөрүп берүү жөнүндө катталган келишим, комплекстүү ишкердик лицензия же ойлоп табууну пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишим тууралуу маалыматтарды киргизүү.

Патентти өткөрүп берүү жөнүндө катталган келишим, комплекстүү ишкердик лицензия же ойлоп табууну пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишим тууралуу маалыматтарды ОТ мамреестрине киргизүү үчүн негиз болуп Кыргызпатенттин чечими эсептелет.

Патентти өткөрүп берүү жөнүндө келишимди, комплекстүү ишкердик лицензияны же ойлоп табууну пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишимди каттоодо реестрлер бөлүмү чечимди алган датадан баштап бир айдын ичинде:»;

бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- патент ээсине, патенттик ишенимдүү өкүлгө же өкүлгө почталык же электрондук дарегине киргизилген маалыматтар менен патентке кошумча баракты жөнөтөт.»;

он алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- ачык лицензия берүү жөнүндө арыз боюнча:»;

төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«- ачык лицензияны чакыртып алуу жөнүндө өтүнмө боюнча: ачык лицензияны кайра чакыртып алуу жөнүндө маалымат жарыяланган датасы жана бюллетендин номери.

- комплекстүү ишкердик лицензиянын келишими (франчайзинг) боюнча:

лицензиат;

келишимди каттоо жөнүндө чечим чыгарылган дата.»;

3-пунктчанын экинчи абзацындагы «31- жана 32-беренелери» деген сөздөр «38-беренеси» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4-пунктчада:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Патенттин колдонулушун токтотуу жөнүндө маалыматтарды ОТ мамреестрине киргизүү үчүн негиз болуп (Мыйзамдын 39-беренеси) Кыргызпатенттин буйругу эсептелет.»;

жетинчи абзацтагы «4-беренесине» деген сөздөр «9-беренесине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

5-пунктчада:

экинчи, үчүнчү абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Мыйзамдын 40-беренесине ылайык, эгерде ойлоп табууга патенттин жана өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патенттин колдонулушу патентти күчүндө кармап туруу үчүн белгиленген мөөнөттө алым төлөнбөгөндүгүнүн натыйжасында токтотулган болсо жана патенттин колдонуу мөөнөтү өтө элек болсо, анда анын ээсинин өтүнмөсү боюнча мындай патенттин колдонулушу алым боюнча карыз жана өтүнмө берүү үчүн алым төлөгөн шартта калыбына келтирилиши мүмкүн.

Патенттин колдонулушун калыбына келтирүү жөнүндө өтүнмө Кыргызпатентке Мыйзамдын 9-беренесинде белгиленген патенттин колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин, патентти колдонуунун ар бир өткөрүп жиберилген жылы үчүн алым жана ушундай өтүнмөнү берүү үчүн белгиленген өлчөмдө алым төлөнгөн шартта берилет.»;

бешинчи абзацтын экинчи сүйлөмүндөгү «башка» деген сөз алып салынсын;

онунчу абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Түздөн-түз берилген же почта аркылуу же электрондук түрдө келип түшкөн өтүнмө жана ага тиркелген документтер алар келип түшкөн датадан тартып он жумуш күндүн ичинде каралат.»;

он жетинчи абзацтагы «дарегине» деген сөз «почталык же электрондук дарегине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7-пунктчанын экинчи абзацындагы биринчи сүйлөм төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Патенттин түпнускасы жоголгон же бузулган учурда, патент ээсинин, патенттик ишенимдүү өкүлдүн же өкүлдүн арызы боюнча Кыргызпатент тарабынан патенттин дубликаты берилиши мүмкүн.»;

төмөнкүдөй мазмундагы 8, 9-пунктчалар менен толукталсын:

«8) Патентти күчүндө сактоо.

Мыйзамдын 9-беренесине ылайык патенттин колдонуу мөөнөтү алым төлөнгөн шартта сакталат.

9) Мурастоо (мурас боюнча, кайра уюштуруу тартибинде) тартибинде укуктун өткөрүп берилиши.

ОТ мамреестрине мурастоо тартибинде укукту өткөрүп берүү жөнүндө маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп патент ээсинин же анын мураскеринин, өкүлүнүн арызы саналат.

Арыз төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:

- патенттин номерин;

- ОТ мамлекеттик реестринде катталган датасын;

- ойлоп табуунун аталышын;

- патент ээсинин аты-жөнүн же толук аталышын жана дарегин;

- патенттин жаңы ээсинин аты-жөнүн же толук аталышын жана дарегин.

Арызга төмөнкүлөр тиркелет:

- өзгөртүүлөрдүн укуктуулугун ырастаган документтин көчүрмөсү (мурастоого укук жөнүндө күбөлүктүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү, каттоо/кайра каттоо жөнүндө күбөлүк);

- белгиленген алым төлөнгөндүгү жөнүндө документ;

- патент ээси патенттик ишенимдүү өкүлгө же өкүлгө берген ишеним кат.

Түздөн-түз берилген же почта аркылуу же электрондук түрдө берилген арыз жана ага тиркелген документтер келип түшкөн датасынан тартып он төрт жумуш күндүн ичинде каралат.»;

төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толукталсын:

«7. ОТ мамреестринен көчүрмө берүү.

ОТ мамреестринен көчүрмө патент ээси, патенттик ишенимдүү өкүл же өкүл берген өтүнмөнүн негизинде берилет.

Өтүнмө юридикалык же жеке жак тарабынан мамлекеттик же расмий тилде берилет. Юридикалык жактан өтүнмөгө уюмдун жетекчиси же белгиленген тартипте ыйгарым укук берилген башка жак тарабынан аты-жөнү, кызмат орду көрсөтүлүп кол коюлат жана мөөр басылат.

Жеке жактан өтүнмө - аты-жөнүн көрсөтүү менен (эгер бар болсо, мөөр).

Өтүнмөдө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- патенттин номери;

- ОТ мамреестринде катталган датасы;

- ойлоп табуунун аталышы;

- ээсинин аталышы.

Түздөн-түз берген же почта аркылуу же электрондук түрдө берилген өтүнүч жана ага тиркелген документтер келип түшкөн датасынан тартып он жумуш күндүн ичинде каралат.»;

- жогоруда аталган Жобонун 2-тиркемесинде:

5-пунктта:

онунчу абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- патенттин, автордун күбөлүгүнүн дубликатын берүү жөнүндө;»;

төмөнкүдөй мазмундагы он биринчи-он бешинчи абзацтар менен толукталсын:

«- патентти колдонууну калыбына келтирүү жөнүндө;

- патентти алууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө;

- патентти күчүндө кармап туруу жөнүндө;

- мурастоо тартибинде (мурас боюнча) укукту өткөрүп берүү жөнүндө;

- комплекстүү ишкердик лицензия жөнүндө.»;

он биринчи абзацтагы «2-главасынын 6-пунктунун 1-7-пунктчаларында» деген сөздөр «5-пунктунда» деген сөздөргө алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толукталсын:

«6. ПМ мамреестринен көчүрмө берүү Кыргыз Республикасынын Ойлоп табууларынын мамлекеттик реестрин жүргүзүүнүн тартибинин 7-пунктунда көрсөтүлгөн иш-аракеттерге окшош жүргүзүлөт.»;

- жогоруда аталган Жобонун 3-тиркемесинде:

2-пункт күчүн жоготту деп таанылсын:

5-пункттун төртүнчү абзацындагы «табигый тилдеги» деген сөздөр алып салынсын;

6-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«6. ӨҮ мамреестрин жүргүзүү процессинде ага төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана кошумча маалыматтар киргизилет:

- патент ээсинин аталышын же аты-жөнүн өзгөртүү жөнүндө жана/же анын турган жеринин (жашаган жеринин) дарегинин өзгөрүшү жөнүндө;

- патентти өткөрүп берүү жөнүндө катталган келишим жөнүндө;

- өнөр жай үлгүсүн пайдаланууга укук берүү жөнүндө катталган лицензиялык келишим жөнүндө;

- өнөр жай үлгүсүн пайдаланууга укук берүү жөнүндө;

- патентти толугу менен же жарым-жартылай жараксыз деп таануу жөнүндө;

- патентти жарым-жартылай жараксыз деп таанууда өнөр жай үлгүсүнүн маанилүү белгилеринин тизмегин өзгөртүү жөнүндө;

- патенттин колдонулушун токтотуу, жокко чыгаруу жөнүндө;

- ачык лицензияга укук берүү жөнүндө;

- айкын жана техникалык каталарды оңдоо жөнүндө;

- патенттин, автордун күбөлүгүнүн дубликатын берүү жөнүндө;

- патент алууга укугун өткөрүп берүү жөнүндө;

- патенттин күчүн узартуу жөнүндө;

- мурастоо тартибинде (мурас боюнча) укукту өткөрүп берүү жөнүндө;

- комплекстүү ишкердик лицензия жөнүндө.»;

төмөнкүдөй мазмундагы 7, 8-пункттар менен толукталсын:

«7. Мыйзамдын 9-беренесине ылайык патенттин колдонуу мөөнөтү патент ээсинин өтүнмөсү боюнча алым төлөгөн шартта ар бир жолу 5 жылга узартылат. Өтүнмө мамлекеттик же расмий тилде берилет. Өтүнмөгө патент ээси, аларды дайындаган учурда патенттик ишенимдүү өкүл же башка өкүл кол коёт. Юридикалык жактын атынан өтүнмөгө уюмдун жетекчиси же белгиленген тартипте ыйгарым укук берилген башка жак тарабынан анын аты-жөнү, кызмат орду көрсөтүлүп кол коюлат жана мөөр басылат.

Патентти колдонуу мөөнөтү өткөндөн кийин өтүнмө ээсинин өнөр жай үлгүсүнө патентти колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнмөсү боюнча кошумча алым төлөнгөн шартта ага алты айлык мөөнөт берилет.

ӨҮ мамреестрине кошумча маалыматтарды жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жана өнөр жай үлгүсүн каттоо жөнүндө патент берүү Кыргыз Республикасынын Ойлоп табууларынын мамлекеттик реестрин жүргүзүүнүн тартибинин 6-пунктунун 1-7 жана 9-пунктчаларында көрсөтүлгөн иш-аракеттерге окшош жүргүзүлөт.

8. ӨҮ мамреестринен көчүрмө берүү Кыргыз Республикасынын Ойлоп табууларынын мамлекеттик реестрин жүргүзүүнүн тартибинин 7-пунктунда көрсөтүлгөн иш-аракеттерге окшош жүргүзүлөт.»;

- жогоруда аталган Жобонун 4-тиркемесинде:

2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Алымды төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген учурда, укук ээсине кошумча алымды төлөгөн шартта, ТБ мамреестринде товардык белгини каттоо үчүн алымды төлөөгө кошумча үч ай берилет.»;

5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5. Жамааттык белгини каттоо «Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары - Мыйзам) 25-беренесине ылайык жүргүзүлөт. Жамааттык товардык белгилерге кошумча ТБ мамреестрине жана күбөлүккө жамааттык белгини пайдаланууга укугу бар юридикалык жактар жөнүндө маалыматтар, уставга шилтеме жана жамааттык белгини пайдаланууга укугу бар ишканалардын жана уюмдардын бардык жетекчилери кол койгон датасы киргизилет.»;

6-пунктта:

экинчи абзацта «товардык белгинин аталышынын же ээсинин» деген сөздөр «укук ээсинин аталышынын же» деген сөздөргө алмаштырылсын;

төртүнчү абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы он үчүнчү, он төртүнчү абзацтар менен толукталсын:

«- товардык белгиге укуктун укук улантуучулук тартибинде өтүшү жөнүндө (мурас боюнча, кайра уюштуруу тартибинде);

- комплекстүү ишкердик лицензиясы жөнүндө.»;

1-пунктчада:

биринчи, экинчи, сегизинчи, он үчүнчү, он төртүнчү абзацтарда ар түрдүү жөндөмөлөрдөгү «товардык белгинин ээси» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «укук ээси» деген сөздөргө алмаштырылсын;

жыйырманчы абзацтын экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Карап чыгуу процессинде укук ээсине, патенттик ишенимдүү өкүлгө, башка кызыкдар жакка почта, электрондук почта боюнча же байланыштын башка электрондук түрлөрү аркылуу жетишпеген же тактала турган материалдардын сурамы жиберилиши мүмкүн. Сурамды жиберүүдө документтерди карап чыгуу мөөнөтү тиешелүү түрдө узартылат.»;

жыйырма экинчи абзацтагы «товардык белгинин ээсинин» деген сөздөр «укук ээсинин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

жыйырма төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- почта, электрондук почта боюнча же байланыштын башка электрондук түрлөрү аркылуу укук ээсине, патенттик ишенимдүү

*(Уландысы 10-бетте)*

Эркин-Тоо
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



# ЦИФРОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ МОДЕРНИЗИРУЮТ СЕЛЬСКОЕ ХОЗЯЙСТВО СИНЬЦЗЯНА




***Следить за ростом урожая в режиме реального времени через свой мобильный телефон, а также автоматически удобрять и поливать фрукты и овощи одним щелчком мыши... Вышеупомянутые высокие технологии для выращивания сельскохозяйственных культур теперь становятся реальностью благодаря быстрому развитию интеллектуального сельского хозяйства в Синьцзяне.***

С развитием таких современных технологий, как интернет вещей, технология 5G, дистанционное зондирование со спутника и телеметрия, методы «умного» сельского хозяйства становятся все более разнообразными - от весеннего и летнего посева до осеннего сбора урожая и зимнего хранения. Во всех аспектах сельскохозяйственного производства нет недостатка в «умных» факторах. Все больше и больше сфер применения «умного» сельского хозяйства расширяется на просторах сельскохозяйственных угодий Синьцзяна, способствуя переходу к современному «умному» сельскому хозяйству.

## ЭКСПЕРИМЕНТАЛЬНОЕ ВЫРАЩИВАНИЕ ПРЕВРАЩАЕТСЯ В НАУЧНОЕ ВЫРАЩИВАНИЕ

В недавно построенном центре сельскохозяйственных наук и технологий будущего в Синьцзянском сельскохозяйственном выставочном парке Национальной сельскохозяйственной демонстрационной зоны производства с применением новых высоких технологий города Чанцзи в Чанцзи-Хуэйском автономном округе в Синьцзяне можно увидеть, что в помещении полно цветущей зелени. Здесь представлены такие передовые современные сельскохозяйственные научные технологии, как вертикальное озеленение, спиральный посев по биотехнологии, мобильная многослойная трёхмерная система выращивания на поднятых грядках и автоматическая система возвратно-поступательных вращающихся стеллажей и другие.

Овощная фабрика в центре использует такие передовые технологии, как интенсивные технологии производства, интегрированная система точного орошения и удобрения, автоматизированная система приливного орошения рассадника и другие, которые позволяют достичь высокой степени автоматизации при выращивании помидоров, болгарского перца, фруктовых огурцов, листовых овощей и других видов овощей.

По словам руководителя центра сельскохозяйственной науки и технологий будущего Янь Цзи, более 90% оборудований в теплицах отечественного производства могут подключаться к другим оборудованиям с помощью сети 5G. Ядро сбора данных используется для передачи сигнала на компьютер, и им можно напрямую управлять через центральную систему управления. От посева до сбора урожая - все автоматизировано, что позволяет экономить рабочую силу, воду и удобрения.

## ЦИФРОВАЯ ПРАКТИКА НАЧИНАЕТ ДАВАТЬ РЕЗУЛЬТАТЫ




В августе 2022 года в уезде Манас состоялся первый форум по высококачественному развитию цифрового сельского хозяйства. На нем определили возможность создания платформы больших данных для цифрового сельского хозяйства, а также необходимость направления развития и распространения таких интеллектуальных оборудований, как «умные» электрические шаровые клапаны, оборудования для орошения и удобрения. Секретарь парткома уезда Манас Лю Цян заявил, что за год исследований и практики благодаря внедрению и применению интеллектуальных устройств, дистанционного зондирования со спутника, платформ обработки больших данных, передачи больших данных через интернет вещей, а также использованию мобильных устройств фермеры, используя мобильное приложение, могут дистанционно управлять и проводить точное внесение удобрений.

Он заявил, что, согласно расчётам, установка «умных» электрических шаровых клапанов позволяет экономить около 30 кубометров воды на акр(му) сельскохозяйственных угодий. При полном внедрении данной технологии на 1 миллионе акров обрабатываемой земли, весь уезд сможет сэкономить примерно 30 миллионов кубических метров воды, что позволит увеличить площадь посевов более чем на 80 тысяч акров. Учитывая средний доход в 1200 юаней с одного акра, это поможет увеличить доход фермеров в уезде более чем на 1000 юаней на душу населения.

«Интегрированная платформа компании для воды и удобрений охватывает почти 600 000 акров земли и планирует охватить еще 10 миллионов акров обрабатываемых земель в Синьцзяне в ближайшие три-пять лет. Технология интегрированного использования воды и удобрений объединяет орошение и внесение удобрений в единое целое. Путём научной координации и управления водой и удобрениями можно достичь эффективного использования ресурсов, что позволяет сэкономить около 20% удобрений по сравнению с традиционными методами и увеличить урожайность более чем на 5%», - заявил директор филиала компании Xinjiang Xin Lian Xin Chemical Energy Co Ltd в уезде Манас Фань Хайцян.

## ЦИФРОВАЯ МОДЕРНИЗАЦИЯ «ВЕЩЕЙ» И ЛЮДЕЙ

Развитие цифрового сельского хозяйства является важной мерой для ускорения модернизации сельского хозяйства и расширения возможностей для возрождения сельских районов. Реализация модернизации сельского хозяйства невозможна без цифровой модернизации «вещей», как и без цифровой модернизации людей.

Чтобы ускорить развитие цифрового сельского хозяйства и подготовить больше новых фермеров, способных адаптироваться к развитию цифрового сельского хозяйства, в уезде Манас построили крупнейшую в Синьцзяне учебную базу цифрового сельского хозяйства. Там проводится обучение по научному управлению водой и удобрениями, навыкам дистанционного управления при применении воды и удобрений. С начала этого года было проведено восемь масштабных тренингов по продвижению и применению цифровых сельскохозяйственных технологий. 18 тысяч фермеров стали знатоками цифровых сельскохозяйственных прикладных технологий, а 379 человек получили квалификационный сертификат нового профессионального фермера.

**Ла Сяофэй**
**Фото WWW**

# БАТКЕН ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА



***2023-жыл ичинде Баткен облусунда жалпы 52 объект пайдаланууга берилди. Бул тууралуу КР Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Абдикарим Алимбаев Бишкекте өтүп жаткан жергиликтүү мамлекеттик органдарынын жетекчилеринин жыйынында билдирди.***

Облуста жыл ичинде пайдаланууга берилген объекттер: 21 мектеп, 10 бала бакча, 8 саламаттык сактоо мекемеси, 6 таза суу объектиси, 3 маданият мекемеси жана 4 турак үйдүн капиталдык оңдоп-түзөө иштери жасалып бүттү.

Облус башчысы аталган иштерге жалпысынан 1 млрд 129 млн 500 миң сом акча каражаты сарпталгандыгын билдирди. Социалдык объектилерден сырткары, жол куруу багытында 48,2 километр жолго асфальт, 84 километр жолго шагыл төшөлүп, 734 млн 300 миң сомдук иштер аткарылган.


**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

# ОКУУЧУ ОЙЛОП ТАПКАН ЧАКАН ГЭС

***Нарын облусунун Кочкор районундагы Калыгул Бай уулу атындагы орто мектебинин 9-“В” классынын алдыңкы окуучусу Тентимишов Азамат “Биз XXI кылымдын интеллектуалдары” деген темада окуучулар арасында өткөрүлгөн форумуна катышып, күчү 2-3 Ватт электр энергиясын бөлүп чыгаруучу суу менен иштей турган чакан агрегатты ойлоп тапкандыгы үчүн уюштуруучулар тобу тарабынан грамота менен сыйланды.***

Мындай жөнөкөй электр кубатын берүүчү агрегатты ойлоп тапкан 9-классынын окуучусу Азаматтын атасы Токтобек Тентимишов жөнөкөй ишкер болсо, апасы Ширин үй кызматындагы аял. Уулунун ойлоп чыгарган электр кубатын берүүчү агрегатын алардын үй-бүлөсү гана эмес, алыскы Кара-Кужур жайлоосуна барган бардык чабандар да колдонушат. Азамат окуусун бүтөөрү менен келечекте инженер болуп, элине чакан ГЭСтерди куруу максатында ал билимин И.Раззаков атындагы КТУда окуусун улантсам дейт. Бирок, Азаматтын мындай келечектеги жөндөмдүүлүгүн байкаган Н.Исанов атындагы Кыргыз инженердик-курулуш институтунун окутуучулары мектептеги окуусун аяктары менен аны жогорку окуу жайынын 1-курсуна кабыл алына тургандыгы жөнүндө телефон аркылуу атайын SMS билдирүү жөнөтүшкөн.

Мындай келечектен көптү үмүттөндүргөн мектеп окуучусу Азамат Тентимишовдон келечекте Кыргызстанда чакан ГЭСтерди кура турган жаш окумуштуу чыгаарына шек жок.



**Орункул САТЫКУЛОВ**

МААНИЛҮҮ МАЕК
www.erkin-too.kg



**КРнын Эсептөө палатасынын төрагасы Алмазбек АКМАТОВ:**

# “КАРЖЫ БУЗУУДА АНЫКТАЛГАН КАРАЖАТТАРДАН 3,4 МЛРД СОМ ӨНДҮРҮЛДҮ”

***Өлкөдө Эсептөө палатасы аудиттерди жүргүзүүдө каржы бузууларды гана аныктоону максат кылбастан, мамлекеттик мекемелердеги бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдаланышына көмөк көрсөтүү алардын иштериндеги башка аракет. Экономикалык кылмыштуулукту алдын алуу жана күрөшүү иштери тууралуу Эсептөө палатасынын төрагасы Алмазбек Акматов төмөнкүлөрдү айтып берди.***

**- Алмазбек Шаршембиевич, Эсептөө палатасынын өткөн жыл ичинде аткарган иштерине токтолсоңуз?**

- Биздин мекеменин максаты - мамлекеттик каржы ресурстарын башкарууда сапаттуу аудит жүргүзүү аркылуу жарандардын жашоосун жакшыртуу, ошондой эле каржыны натыйжалуу башкарууга көмөктөшүү, мамлекеттик финансыны пайдаланууда мыйзамдуулуктун сакталышын камсыз кылуу. Эсептөө палатасы республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин, бюджеттен тышкаркы каражаттардын аткарылышына, мамлекеттик жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышына аудит жүргүзөт. Өткөн жылы Президентибиз Садыр Нургожоевич Жапаров демилгелеп, Жогорку Кеңеш колдоп, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамды кабыл алып беришти. Муну менен Эсептөө палатасынын көз карандысыздыгы жана укуктук мүмкүнчүлүктөрү ошол эле убакытта бизге коюлган милдет жана талаптар дагы күчөтүлдү. Ал эми 2023-жылы Эсептөө палатасы тарабынан бир катар иштер жасалды. Мисалы, 81 аудитордук иш-чара жүргүзүлүп, ага 1092 түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрү камтылды. Тагыраагы, өткөн жылы жүргүзүлгөн аудитордук иштин жыйынтыгы боюнча 237 млрд сомго мамлекеттик бюджетти толтуруунун кошумча булактарын, айрым учурларда анын жоготууларын жана каржы бузууларды аныктадык. Анын алкагында 332 жазма-буйруктар жана 129 сунуштамалары берилди. Каржы бузууда аныкталган акчалардын ичинен 12,6 млрд сомду кайтаруу керек эле, бүгүн ал сумманын 3,4 млрд сому ордуна коюлду. Калган суммаларды кайтаруу боюнча иштер жүрүүдө. Эсептөө палатасы коррупция менен күрөшүүдө укук коргоо органдары менен тыгыз иш алып барат. 2023-жылы укук коргоо органдарына жиберилген материалдар боюнча алдын ала маалыматка ылайык, жалпы эсеп менен 2,4 млрд сомду түзгөн каржы бузуулар боюнча аудиттердин 68 материалы жөнөтүлдү. Бүгүнкү күнгө укук коргоо органдары менен жүргүзүлгөн салыштыруу боюнча аудиттердин 68 материалы каралып, 17 кылмыш иши козголгон. Анын ичинен 2 кылмыш иши өндүрүүдөн кыскартылган. 2 кылмыш сотко жөнөтүлүп, 2 кылмыш иши өндүрүштөн токтотулган.

**- Каржылык мыйзам бузууларды текшерүүдө кандай ыкма менен иштөө натыйжа алып келээрин байкадыңыздар?**

- 2022-жылдан баштап бардык аудиттерди эл аралык аудит стандарттарына ылайык жүргүзүүгө толугу менен өттүк. Учурда Эсептөө палатасы аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык, аудиттин 3 түрүн жүргүзөт. Алар: шайкештик, натыйжалуулук жана финансылык аудиттер. Аудит жүргүзүлгөн мекемеге Эсептөө палатасынын сунуш, пикирлерин берип, экинчи ирет текшергенде мурдагыдай каржы бузуулар жок болуп чыккан учурлар бар. Ошондой эле Эсептөө палатасы аудиттин жогорку органдарынын эл аралык Кеңештерине мүчө. Азыркы тапта Польшанын Эсептөө палатасы менен тажрыйба алмашуу боюнча кызматташуу уланууда. Ал эми жуманын шейшемби күнү жарандарды жеке кабыл алып, маселелерин угам. Аны менен катар Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан кабыл алынган 2022–2026-жылдар мезгил аралыгына карата Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы бар. Анын алкагында иштер аткарылууда. Бул стратегияда Эсептөө палатасынын артыкчылыктуу максаттары, милдеттери аныкталып чыккан. Анын максаты - аудит аркылуу мамлекеттик финансыны башкаруу тутумунун натыйжалуу, ачык-айкын жана отчёттуу болуусуна көмөк көрсөтүү, ошондой эле кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүүнү бекемдөө.

**- Өлкөдө кызмат көрсөтүүнүн артыкчылыгын арттыруу үчүн санариптештирүү дээрлик бир жолго коюлууда, бул багытта сиздерде иш кандай нукта жүрүүдө?**

- Эсептөө палатасы санарипти өнүктүрүү стратегиясын кабыл алган. Бизде иш кагаздарды жүгүртүү, дээрлик бардык иш процесстер толугу менен электрондук ыкмага өткөрүлгөн. Ошондой эле мамлекеттик бюджеттин каражатын сарамжалдуу пайдалануу максатында санариптештирүү иш-чараларын Сауд өнүктүрүү фондунан, конкурска катышып утуп алган 100 миң долларынын эсебинен ишке ашууда.

**- Эсептөө палатасына кадр тандоодо кандай талаптар бар?**

- Мыйзамга ылайык, Эсептөө палатасында мамлекеттик жарандык кызматка кирүү жана аны өтөө, ошондой эле андан бошотуу тартибин Президент аныктайт. Президент тарабынан бекитилген Жобого ылайык, Эсептөө палатасынын кызматкерлери ички конкурс аркылуу алынат. Тандоодогу талаптар кызмат ордуна жараша коюлат. Ошондой эле Эсептөө палатасында адам ресурсун өнүктүрүү стратегиялык планы бар. Ага ылайык, кызматкерлерди профессионалдык деңгээлде өнүктүрүү максатында окуулардан өткөрүп турабыз. Ал эми Эсептөө палатасынын жогорку органы болуп, анын Кеңеши саналат. Кеңештин курамы Эсептөө палатасынын төрагасынан жана 8 аудитордон турат. Эсептөө палатасы жыл сайын Жогорку Кеңешке аткарылган иши тууралуу отчёт берет.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

# КЕРЕГЕ КЕҢЕШТЕ ЖҮЙӨЛҮҮ ПИКИРЛЕР АЙТЫЛДЫ

***Жакында эле Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын конференциялар залында Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын жаранын руханий өнүктүрүүнүн жана калыптандыруунун узак мөөнөттүү идеологиялык стратегиясынын долбоорун иштеп чыгуу” тескемесин аткаруу боюнча иш-аракеттерди көрүү максатында “Кыргызстандагы коомдук-гуманитардык илимдердин азыркы абалы жана алардын натыйжалуулугун жогорулатуу чаралары жөнүндө” аттуу кереге кеңеш өткөрүлдү.***




Кереге кеңешке Мамлекеттик катчы С.Касмамбетов, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгынын изилдөөлөр, саясатты иштеп чыгуу жана реформаларды ишке ашыруу бөлүмүнөн О.Капалбаев, Президенттин Кеңешчиси Б.Бөрүбашов, Билим берүү жана илим министринин орун басары Р.Абазбек уулу, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары М.Тагаев катышты.

Жыйындын ачылышында сөз сүйлөгөн Улуттук илимдер академиясынын Президенти, профессор К.Абдрахматов кереге кеңештин өткөрүлүшүнүн себептери боюнча айтып, мындан тышкары тарых темасында: сибирдик тарыхчы В.Козодойдун Кыргызстанга келиши жана анын китеби бир күндүн ичинде 1000 нускасы сатылып кеткендиги жөн жерден эмес экендигин, ага карата биздин тарыхчылардын реакциясын байкай албагандыгын, өзү тарыхчы болбогондуктан бул маселени жакшы биле бербей тургандыгын бирок, тарых маселесине тарыхчылар олуттуу мамиле жасоо керектигин эскертип өттү.

Ал эми Мамлекеттик катчы С.Касмамбетов өлкөнүн учурдагы абалы, жасалып жаткан иштер жөнүндө кеңири баяндап, мындан тышкары окумуштуулардан сунуштарды, кеңештерди күтүп жаткандыгын билдирди.

Саясат таануу илимдеринин доктору Ж.Сааданбеков “Коомдук-гуманитардык илимдердин натыйжалуулугун жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Тескемесин ишке ашыруу боюнча милдеттер жөнүндө” аттуу негизги баяндамасын жасап, академиядагы эмгек акынын аз экенин айтып, Мамлекеттик катчы ушул маселеге көңүл буруп, өлкө бийлигине жеткирсе деген тилегин билдирди.

Билим берүү жана илим министринин орун басары Абазбек уулу Расул кыргыздын улуттук каада-салты боюнча кеңири токтолсо, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары М.Тагаев кандай гана маселе болбосун мамлекет киришпесе болбой тургандыгын айтып өттү. Президенттин Кеңешчиси Б.Бөрүбашов Конституция жана мыйзамдар алардын колдонулушу боюнча айтса, тарых илимдеринин доктору А.Асанканов, тарых институту көп иштерди жасап келе жаткандыгын, улуттук идеология боюнча буга чейин өлкөдө 3 жолу аракет жасалгандыгына токтолду. Окумуштуу А.Акматалиев академиянын кызматкерлеринин айлыгы аз экендигин, ошого байланыштуу жаштар илимге келбей жаткандыгын айтты.

Булардан тышкары З.Курманов, Дж.Джаилов, Э.Мамбетакунов, Ж.Жоробеков, Н.Омуралиев, Ж.Касаболотов, Т.Мамытов, Б.Төрөгелдиев, Т.Чоротегин, А.Кубатовалар баяндама жасашты.

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЫНТЫМАК – ЫРАШКЕРЛИК
www.erkin-too.kg

# “МАМЛЕКЕТ БИЗГЕ ЭМНЕ КЫЛЫП ЖАТАТ ЭМЕС, БИЗ МАМЛЕКЕТКЕ ЭМНЕ КЫЛЫП БЕРЕБИЗ” ДЕШИБИЗ КЕРЕК



Солто — кыргыздын Оң канат уруулар тобуна кирген ири уруулардын бири. Кыргыз санжырасында Солто уруусу Ак-Улдун бир баласы Тагай бийден тарайт.

Тагай бийдин байбичесинен Богорстон, Койлон, Кылжыр деген уулдары, башка аялдарынан дагы бир нече балдары болгон. Богорстондон Эштек, андан Солто туулат. Бирок, көпчүлүк учурда Эштек айтылбай, «Богорстондон болгон Солто» деген кеп айтылып калган. Солто уруусу илимий изилдөөлөрдө кыргыз этносунун өзөктүк компоненттеринин бирин түзгөн уруулардын катарына кирет. Анын түпкү теги, келип чыгышы (генезиси) жөнүндө ар кандай пикирлер айтылып, изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү Солто уруусунун башатын орто кылымда кыргыздар мекендеген Түштүк Сибирь аймагы менен байланыштырат жана аны кыргыз этносунун компонентиндеги байыркы катмардагы уруулар тобуна киргизишет.

Ички түзүлүшү боюнча бир катар татаал уруктук бөлүктөн туруп, негизги өзөгүн Солтонун өз балдары деп эсептелген Күнтуу, Култуу жана Чаанын тукумдары түзөт.

Култуу балдары «чылпак» деп аталып, XX кылымдын башында Куру-Күнгөйдө өзүнчө бир болуш эл болгон.

Чаа бийдин тукуму анын Талкан, Бөлөкбай (Каракчы) жана Тата деген уулдарынан тарайт. Мурунку заманда Солто уруусун Бөлөкбай, Талкандан чыккан манаптар бийлеген.

Түлөберди дагы эң даңктуу чоң манап болуп, тукумунан мыктылар көп чыккан.

Булардан тышкары Чаанын багып алган асыранды баласынан «жоочалыш» уругу ж.б. кичине букара уруктар кирип калган. Алар башка этностордон биригип, Солто уруулук курамын калыптандырган. Бирок алардын саны жетиден ашык экенине карабай («беш көөрүк», «мааке», «көгөй», «төлөк», «жоочалыш», «шалта», «ак буура» же «кара сакал», «сөөк мурун», «кайдоол», «накай» ж.б.), Солтонун ичиндеги «жети кул» деп атап коюшкан.

Козор уругу сан жагынан өтө аз болгондугуна карабастан, солтонун ичиндеги өзгөчө бөлүкчө катары эсептелинип, санжыра боюнча ал Солтонун бир тууганы деп эсептелет. Бөлөкбайдын ичиндеги «төкөлдөш» уругу Бүтөштүн бакма баласынан тарагандыгы айтылат. «Чала казак» уругу уйгур, өзбек, казак элдеринин айрым бир майда топторунун аралашуусунан пайда болуп, Солто уруусунун ичинде туруп калган.

## СОЛТО КООМУНА ЖАҢЫ ТӨРАГА ШАЙЛАНДЫ

**2024-жылдын 20-январында "Солто" коомунун IV курултайы өттү. Ага өлкөбүз боюнча солто уруусунун өкүлдөрү келип, "Солто" коомунун кезектеги төрагасына Эмил Момункуловду шайлашты.**



Коомдун мурдагы төрагасы Эркин Тентишев 10 жылга чукул төрагалык милдетти аткарды. Солтонун Күнтуу, Култуу, Чаадан тараган тукумдарынан кезек менен төрагалыкка шайланат деген атайын Уставда кабыл алынган.

Баса белгилеп кетүүчү жагдай, Эркин Тентишев Солтонун Култуу уруусунан болгондуктан, бул жолу Күнтуу уруусунан Эмил Момункулов шайланды. Курултайга Кыргыздын кырк уруусунун өкүлдөрү дагы келишип, каалоо-тилектерин айтышты.

Иш-чаранын жүрүшүндө Эркин Тентишевдин жасаган иштерин жана Солто атанын эстелигин өз каражатынан курдурганын сыймыктануу менен баса белгилешти.

*Курултайдын жүрүшүнө жана катышуучулардын пикирлерине токтоло кетсек.*

Курултайдын күн тартибинде Солто коомунун төрагасын шайлоо каралып, Култуу, Күнтуу, Чаа урууларынын төрагалары президиумда отурушту. "Солто" коомунун IV курултайынын алып баруучусу, "Солто" коомунун жаштар канатынын төрагасы Эмир Аманкулов мындай деди:

- "Урматтуу "Солто" коомунун IV курултайынын катышуучулары, жалпыга белгилүү болгондой, "Солто" коомуна алгачкылардан болуп Чаа уруусунан Адамкалый Чыныбаев агабыз төрагалык кылып, Култуу уруусуна – Эркин Тентишев агабызга өткөрүп берген.

Солто коомунун уставына ылайык эми төрагалыкты Күнтуу уруусуна өткөрүп берип жатат. Алар дагы өз ара кеңешип, туу көтөргөн мыкты уулун алып чыгышты. Ал Эмил Момункулов агабыз.

Эркин Саткынбаевич төрагалыкка келгени жалпы Чүй өрөөнүндө жашаган жетим-жесирлерге, турмуштан кыйналып, муктаж болгондорго, алардын кайсы жактан келгени же уруусуна карабастан, азык-түлүктөрдөн жардамын аябай, карапайым калкка жакшы жардамын берди.

Андан сырткары, спортсмендерге, маданият кызматкерлерине, мугалимдерге, кыргыз мамлекети кыйын кырдаалга туш болгондо жалпыга белгилүү болгондой башка облустарга дагы жардамын аяган жок. “Солто” атабыздын эстелигин Сокулук районуна кеткен кара жолдун боюна Эркин Тентишев агабыз өз каражатынын эсебинен куруп, жалпы журттан бата алды.

Урматтуу курултайдун катышуучулары Эркин Тентишев агабыз кандай иштеди, колуңуздардагы мандатты көтөрүп, ишенчиңиздерди билдирип койгула”.

Эмир Аманкуловдун сөзүнөн кийин курултайдын катышуучулары жалпы мандаттарын көтөрүштү. Эркин Саткынбаевич өзү ден соолугуна байланыштуу чет өлкөдө дарыланып жаткандыктан, жасаган иштеринин бардыгын видео-тасма менен көргөзүштү.

Курултайдын катышуучулары бир пикирде, бир добуштан Эркин Тентишевге “Солто” коомунун ардактуу аксакалы деген наамды ыйгарышты.

### ТАРЫХЫ

Кыргыз-калмак (ойрот) согуштарынан кийин кайрадан кыргыздардын Чүйгө келиши менен Солто уруусу Чүй өрөөнүнүн борбордук бөлүгүнөн анын батыш тарабы, б.а. Ысык-Ата суусунан Куланга (Мерке, Луговой) чейинки аймакты ээлеген. Жайлоосу Кыргыз Ала-Тоосунун күңгөйү жана Суусамыр жайлоосунун түндүк бөлүгү болгон. Азыркы учурда Чүй облусунун Ысык-Ата, Кант, Аламүдүн, Сокулук, Ак-Суу, Жайыл жана Панфилов райондорунда турушат. Булардын ичинде кыргыздын башка урууларынын («кытай», «адигине», «саруу», «сарыбагыш», «моңолдор», «азык», «жетиген», «жедигер» ж.б.) айрым өкүлдөрү дагы туруп калган жана Солто уруусунун чакан топтору башка уруулардын арасынан (мис.: Ак-Талаанын Байгөнчөк айылы, Таластын башы Үч-Кошой ж.б. Казакстандын аймагында) кездешет.

**Аскарбек БАКИЕВ:**

- Солто уруусунун тогу, арамы жоктугунан кыргыз элинин 40 уруусу, Чүйдөгү 80ден ашык улуттун өкүлү Сары-Өзөн Чүй жергесинде жайгашып, жакшынакай жашап жатабыз. Бул да болсо Солто уруусунун кемеңгерлиги. Уруу десе уруудан улут жаралып, желегибизде кырк уруунун элеси турат. Уруу болбой улут жаралбайт. Илгери кырк уруу биригип, бир жылда бир курултай өткөрүп, уюткулуу сөздөрдү сүйлөп, мекенин, жерин, эл башчысын колдоп келишкен. “Мамлекет бизге эмне кылып жатат эмес, биз мамлекетке эмне кылып беребиз” дешибиз керек. Баарыңыздарга жакшылык, ыйман, ынтымак каалайм. Мекенибиз үчүн жакшы иштерди жасап, келечекти куруу өз колубузда. Бири-бирибизди иш менен, жакшы сөз менен колдоп туралы.

**Басыз уруусунан, ичкилик канатынын төрагасы Акуул Бердиев:** - Кыргыз элим, кыргыз журтум, Солто уруусунун төрагасын шайлоо маарекеси уюшкандыкта, жогорку деңгээлде өттү. Солто элинин жүрөгү кенен. Бул уруу Чүй боорунда байыртадан бери отурукташып келген эл. Буюрса “Солто” коомуна көрсөң көз толо турган жигит төрага болуп шайланды. Жаңы шайланган төрага Солто уруусуна, жалпы кыргыз элине кызмат кылсын. Кыргыз элибиз, мамлекетибиз тынч, аман болуп, ынтымакта өмүр сүрөлү.

**Жаныш АЛГОДЖАЕВ:**

- Мен өзүм Сокулук районунун Белек айылында турам. Солто уруусунун Чаасынан Жоочалыш атанын балдарынанбыз. Биздин курултайга келген максатыбыз, жалпы эле кыргыз элинин ынтымагын бекемдөө. Бул жактан аксакал аталарыбызга жолугуп, алардын батасын алдык. Курултайга жети өрөөндөгү солто уруусунун өкүлдөрү келип чогулуп, жакшы сөздөр айтылды. Аксакалдар батасын берип, жалпы элди ынтымакка чакырды.

Санжырада Солто атабыз сынчыны чакырып, балдарын, кыздарын сынаткан экен. Ошондо сынчы “Кыздарың сулуу, аттарың күлүк, балдарың эл башкарган мээнеткеч болот” деген экен. Чаа атабыз да убагында казактардан көп жерди сактап калган. Кийинки урпактары Жайыл, Байтик, Жаманкара, Бишкек баатыр аталарыбыз да кыргыз эл-жерин сактоодо өз салымдарын кошушкан.

Курултайга 800 адам чакырылган болсо, эки миңге чукул адамдар келип, орун жетпегендер туруп калышты. Ошого карабастан, курултай мыкты маанайда өттү.

**Бекжан МАДАНБЕКОВ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ОБЪЕКТИЛЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК РЕЕСТРЛЕРИ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

*(Башталышы 6-бетте)*

өкүлгө же өзгөртүүлөр киргизилген күбөлүктүн кошумча барагын жиберет.»;

2-пунктчада:

экинчи, жетинчи, сегизинчи, он экинчи абзацтарда түрдүү жөндөмөлөрдөгү «товардык белгинин ээси» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «укук ээси» деген сөздөргө алмаштырылсын;

он алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- почта, анын ичинде электрондук почта боюнча же байланыштын башка электрондук түрлөрү аркылуу укук ээсине, патенттик ишенимдүү өкүлгө өзгөртүүлөр киргизилген күбөлүктүн кошумча барагын жиберет.»;

3-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

4-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4) Товардык белгиге өзгөчө укукту өткөрүп берүү (ажыратуу) жөнүндө катталган келишим, комплекстүү ишкердик лицензиясы же товардык белгини пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишим жөнүндө маалыматтарды киргизүү.

ТБ мамреестрине товардык белгиге өзгөчө укукту өткөрүп берүү (ажыратуу), комплекстүү ишкердик лицензиясы же товардык белгини пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишим жөнүндө маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп Кыргызпатенттин чечими эсептелет.

Товардык белгиге өзгөчө укукту өткөрүп берүү (ажыратуу), комплекстүү ишкердик лицензиясы же товардык белгини пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишимди каттоодо реестрлер бөлүмү чечимди алган күндөн тартып бир айдын ичинде:

- ТБ мамреестрине жана күбөлүктүн кошумча барагына тиешелүү маалыматтарды киргизет;
- укук ээсине, патенттик ишенимдүү өкүлгө маалыматтар киргизилген күбөлүктүн кошумча барагын почта, анын ичинде электрондук почта боюнча же коммуникациянын башка электрондук формалары аркылуу жиберет.

Ошол эле учурда ТБ мамреестрине жана күбөлүктүн кошумча барагына төмөнкүдөй маалыматтар киргизилет:

- өткөрүп берүү жөнүндө келишим боюнча: укук улантуучусу; келишимди каттоо жөнүндө чечим чыгарылган дата;
- товардык белгини пайдаланууга укук берүү жөнүндө келишим боюнча: лицензиат; берилүүчү укуктардын көлөмү; келишимди каттоо жөнүндө чечим чыгарылган дата;
- комплекстүү ишкердик лицензиясынын келишими боюнча: лицензиат; келишимди каттоо жөнүндө чечим чыгарылган дата.»;

5-пунктчада:

жетинчи абзацта «4-беренесинде» деген сөздөр «9-беренесинде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

сегизинчи абзацта «5-беренесинде» деген сөздөр «10-беренесинде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

тогузунчу, он биринчи абзацтар күчүн жоготту деп таанылсын;

онунчу абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Кайсы жак болбосун алым төлөө менен колдонула турган бардык мөөнөт ичинде товардык белгини каттоого каршы пикирин Апелляциялык кеңешке бере алат.»;

6-пунктчада:

экинчи абзацта «26-беренеси» деген сөздөр «33-беренеси» деген сөздөргө алмаштырылсын;

жетинчи абзацта «15-беренесинде» деген сөздөр «19-беренесинде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

сегизинчи абзацта «19-беренесинин үчүнчү бөлүгүнө» деген сөздөр «25-беренесинин 4-пунктуна» деген сөздөргө алмаштырылсын;

тогузунчу абзацта «20-беренесинин бешинчи бөлүгүнө» деген сөздөр «26-беренинин 4-пунктуна» деген сөздөргө алмаштырылсын;

онунчу абзацта «товардык белгинин ээсинин» деген сөздөр «укук ээсинин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

он экинчи абзацта «ээсинин» деген сөз «укук ээсинин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7-пунктчада:

экинчи, жетинчи, он экинчи абзацтарда ар түрдүү жөндөмөлөрдөгү «товардык белгинин ээси» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «укук ээси» деген сөздөргө алмаштырылсын;

он сегизинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- почта, анын ичинде электрондук почта боюнча же байланыштын башка электрондук формалары аркылуу укук ээсине, патенттик ишенимдүү өкүлгө товардык белгини каттоонун жарактуулук мөөнөтүн узартуу жөнүндө маалыматтарды камтыган күбөлүккө кошумча баракты жиберет.»;.

$8^1$-пунктчасында:

экинчи, сегизинчи абзацтарда «ээси» деген сөз «укук ээси» деген сөздөргө алмаштырылсын;

он экинчи, он алтынчы абзацтарда «товардык белгинин ээсине» деген сөздөр «укук ээсине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

9-пунктчанын тогузунчу абзацында «ээсине» деген сөз «укук ээсине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 10-пунктча менен толукталсын:

«10) Товардык белгиге укуктун укук улантуучулук тартибинде өтүшү (мурас боюнча).

ТБ мамреестрине укук улантуучулук тартибинде (мурас боюнча) укуктун өтүшү жөнүндө маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп күбөлүктүн укук ээсинин же анын укук мураскорунун, патенттик ишенимдүү өкүлдүн же өкүлдүн арызы эсептелет.

Арызда төмөнкүдөй маалыматтар камтылууга тийиш:

- күбөлүктүн номери;
- ТБ мамреестринде катталган датасы;
- товардык белгинин аталышы;
- күбөлүк ээсинин аты-жөнү же толук аталышы жана дареги;
- күбөлүктүн жаңы ээсинин аты-жөнү же толук аталышы жана дареги.

Арызга төмөнкүлөр тиркелет:

- өзгөртүүлөрдүн укуктуулугун ырастоочу документтин көчүрмөсү (мурастоо укугу жөнүндө күбөлүктүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү);
- белгиленген алым төлөнгөндүгү жөнүндө документ;
- патенттин укук ээси тарабынан патенттик ишенимдүү өкүлгө же башка талапкер тарабынан берилген ишеним кат.»;

төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толукталсын:

«7. ТБ мамреестринен көчүрмө берүү.

ТБ мамреестринен көчүрмө күбөлүктүн укук ээси, патенттик ишенимдүү өкүл же өкүл тарабынан берилген өтүнүчтүн негизинде берилет.

Өтүнүч юридикалык же жеке жактардан мамлекеттик же расмий тилде берилет. Юридикалык жактын өтүнүчүнө уюмдун жетекчиси же белгиленген тартипте ыйгарым укук берилген башка адам тарабынан аты-жөнү, кызмат орду көрсөтүлүп кол коюлат жана мөөр басылат.

Жеке жактын өтүнүчү - аты-жөнүн көрсөтүү менен (эгерде бар болсо, мөөрү).

Өтүнүчтө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- күбөлүктүн номери;
- ТБ мамреестринде катталган датасы;
- товардык белгинин, тейлөө белгисинин аталышы;
- укук ээсинин аталышы.

Түздөн-түз берилген же почта аркылуу же электрондук түрдө келип түшкөн өтүнүч жана ага тиркелген документтер алар келип түшкөн күндөн тартып он жумуш күндүн ичинде каралат.»;

- жогоруда аталган Жобонун 5-тиркемесинде:

3-пунктта:

төртүнчү абзацта «ээсинин (ээлеринин)» деген сөздөр «укук ээсинин (ээлеринин)» деген сөздөргө алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Апелляциялык кеңештин товардык белгини жалпыга белгилүү деп таануудан баш тартуу жөнүндө чечими сот тарабынан жараксыз деп таанылган учурда товардык белги жалпыга белгилүү деп Кыргызпатенттин буйругу менен таанылат.

Кыргызпатенттин буйругунун негизинде реестрлер бөлүмү ЖБТБ мамреестринде каттайт, күбөлүк берет жана бир айдын ичинде расмий бюллетенге маалыматтарды жарыялайт.»;

4-пунктта:

төмөнкүдөй мазмундагы алтынчы абзац менен толукталсын:

«- жалпыга белгилүү товардык белгиге укук улантуучулук тартибинде өтүшү жөнүндө (мурас боюнча).»;

2-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) Күбөлүктүн дубликатын берүү жөнүндө өзгөртүүлөрдү, оңдоолорду жана маалыматтарды ЖБТБ мамреестрине киргизүүнүн Кыргыз Республикасынын Товардык белгилеринин жана тейлөө белгилеринин мамлекеттик реестрин жүргүзүүнүн тартибинин 6-пунктунун 1, 8 жана 9-пунктчаларында көрсөтүлгөн аракеттерге окшош жүргүзүлөт.»;

төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

«5. ЖБТБ мамреестринен көчүрмө берүү Кыргыз Республикасынын товардык белгилеринин, тейлөө белгилеринин мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартибинин 7-пунктунда көрсөтүлгөн иш-аракеттерге окшош жүргүзүлөт.»;

- жогоруда аталган Жобонун 6-тиркемесинде:

1-4-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кыргыз Республикасынын географиялык көрсөтмөлөрүнүн жана товарлар чыгарылган жерлеринин аталыштарынын мамлекеттик реестри (мындан ары - ГК жана ТЧЖА мамреестри) географиялык көрсөтмөлөрдү жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын пайдалануу, ошондой эле алардын укуктук статусун өзгөртүү укугуна Кыргыз Республикасынын күбөлүктөрү (мындан ары - күбөлүктөр) берилген географиялык көрсөтмөлөрдү жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын каттоого жана географиялык көрсөтмөлөрдү жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын пайдалануу укугун берүү жөнүндө маалыматтарды киргизүүгө, ошондой эле алардын укуктук статусун өзгөртүүгө арналган расмий документ болуп эсептелет.

2. ГК жана ТЧЖА мамреестрине географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоо жана аларды пайдаланууга укук берүү жана каттагандыгы, жарыялагандыгы жана күбөлүк бергендиги үчүн алым төлөнгөндүгү жөнүндө чечим эсептелет.

3. Географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоодо жана аларды пайдаланууга укук берүүдө маалыматтарды киргизүү библиографиялык маалыматтарды идентификациялоо үчүн ИНИДдин коддорун коюу менен ИМБДУнун ST.60 стандартына ылайык жүзөгө ашырылат.

4. ГК жана ТЧЖА мамреестрине төмөнкүдөй маалыматтар киргизилет:

- ТЧЖА мамреестриндеги географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышынын каттоо номери/географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүктүн номери (11);
- ТЧЖА мамреестриндеги географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышы катталган дата (15);
- географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүктүн жарактуулук мөөнөтү аяктаган дата (18);
- географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнүн же катталган товар чыгарылган жердин аталышын пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнүн номери (21);
- географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнүн же катталган товар чыгарылган жердин аталышын пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө берилген дата (22);
- географиялык көрсөтмөлөрдүн жана товар чыгарылган жердин аталышы (билдирилген белги) (54);
- товардын түрү жана анын өзгөчө касиеттеринин сыпаттамасы (57);
- товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүктүн ээсинин (ээлеринин) аты-жөнү же толук аталышы, өлкөнүн коду (73);
- патенттик ишенимдүү өкүлдүн аты-жөнү жана каттоо номери (74);
- кат алышуу үчүн дарек (98).»;

- 5-пунктта:

экинчи абзацта «күбөлүктүн ээсинин» деген сөздөр «укук ээсинин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

үчүнчү, төртүнчү абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоону жана географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүктү жараксыз деп таануу жөнүндө;

- географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоонун жана географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүктүн аракетин токтотуу жөнүндө;»;

1-4-пунктчалар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

1) Укук ээсинин аталышын же атын жана/же анын турган жеринин (жашаган жеринин) дарегин өзгөртүү жөнүндө маалыматтарды киргизүү.

ГК жана ТЧЖА мамреестрине жана күбөлүккө укук ээсинин аталышына же атына өзгөртүүлөрдү, ошондой эле башка өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн негиз болуп укук ээсинин же анын укук мураскорунун, патенттик ишенимдүү өкүлдүн же өкүлдүн Кыргызпатентке берилген арызы эсептелет.

Арыз төмөнкүдөй маалыматтарды камтууга тийиш:

- күбөлүктүн номери;
- географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоого жана пайдалануу укугун берүүгө өтүнмөнүн же катталган географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугун берүүгө өтүнмөнүн номери;
- географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоого жана пайдалануу укугун берүүгө өтүнмө же катталган товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугун берүүгө өтүнмө берилген дата;
- географиялык көрсөтмөлөр жана товар чыгарылган жердин аталышы (билдирилген белги);
- укук ээсинин мурдагы жана жаңы аты-жөнү же толук аталышы жана дареги.

Арызга төмөнкүдөй документтер тиркелүүгө тийиш:

- өзгөртүүлөрдүн укуктуулугун ырастоочу документтин көчүрмөсү;
- белгиленген алым төлөнгөндүгү жөнүндө документ;
- укук ээси тарабынан патенттик ишенимдүү өкүлгө же өкүлгө берилген ишеним кат, эгерде арыз ал аркылуу берилсе.

Укук ээсинин жүргөн жерин же жашаган жерин өзгөртүү жөнүндө арызга укук ээсинин, катталган товар чыгарылган жердин аталышына туура келген ушул географиялык объектиде тургандыгын ырастоочу компетенттүү органдын (компетенттүү органдардын) корутундусу тиркелет.

Документтер келип түшкөн күндөн тартып бир айдын ичинде каралат. Кароо процессинде укук ээсине, патенттик ишенимдүү өкүлгө же өкүлгө жетишпеген же тактоочу материалдардын сурамы жөнөтүлүшү мүмкүн. Сурам жиберилгенде документтерди кароо мөөнөтү тиешелүү түрдө узартылат.

Карап чыгуунун жыйынтыгы оң болгон учурда реестрлер бөлүмү:

- ГК жана ТЧЖА мамреестрине, күбөлүккө жана күбөлүктүн кошумча барагына укук ээсинин жаңы аталышын же аты-жөнүн киргизет;
- киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө кабарлоону жарыялоого жиберет;
- укук ээсинин (патенттик ишенимдүү өкүлгө) почта же электрондук дарегине күбөлүктүн кошумча барагын киргизилген өзгөртүүлөр менен жиберет.

2) Географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоону жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүктү жараксыз деп таануу жөнүндө маалыматтарды киргизүү.

ГК жана ТЧЖА мамреестрине товар чыгарылган жердин аталышын каттоону жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүктү толук же жарым-жартылай жараксыз деп таануу жөнүндө маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп Апелляциялык кеңештин чечими же күчүнө кирген соттун чечиминин негизиндеги Кыргызпатенттин буйругу эсептелет.

Реестрлер бөлүмү Апелляциялык кеңештин чечимин же Кыргызпатенттин буйругун алган күндөн тартып бир айдын ичинде:

- ГК жана ТЧЖА мамреестрине жана күбөлүккө тийиштүү маалыматтарды киргизет;
- киргизилген маалыматтар жөнүндө кабарлоону жарыялоого жиберет.

ГК жана ТЧЖА мамреестрине төмөнкүдөй маалыматтар киргизилет:

- каттоонун аракетинин бүткүл мөөнөтүндө географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоону жараксыз деп таануу жөнүндө, эгерде ал «Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында (мындан ары - Мыйзам) белгиленген талаптарды бузуу менен жүргүзүлгөн болсо;
- географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоону жараксыз деп таанууга байланыштуу географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугун жараксыз деп таануу жөнүндө.

Кайсы гана жак болбосун, алым төлөө менен, Апелляциялык кеңешке географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоого жана географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүк берүүгө каршы пикир бере алат, ал келип түшкөн датадан тартып үч айдын ичинде каралууга тийиш.

Апелляциялык кеңештин чечими аны алган күндөн тартып үч айдын ичинде өтүнмө ээси тарабынан сотко даттанылышы мүмкүн.

3) Географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоонун жана географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүктүн колдонулушун токтотуу жөнүндө маалыматтарды киргизүү.

ГК жана ТЧЖА мамреестрине географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоонун же географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүктүн колдонулушун токтотуу жөнүндө маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп Кыргызпатенттин буйругу эсептелет.

Реестрлер бөлүмү Кыргызпатенттин буйругун алган датадан тартып бир айдын ичинде:

- каттоонун колдонулушу токтотулган учурда:

ГК жана ТЧЖА мамреестрине мындай географиялык объект үчүн мүнөздүү шарттардын жок болуп кеткендигине жана ГК жана ТЧЖА мамреестринде көрсөтүлгөн касиеттери менен товарды өндүрүүгө мүмкүн эместигине, чет өлкөлүк юридикалык же жеке жактардын товар чыгарылган өлкөдө мындай географиялык көрсөтмөгө жана товар чыгарылган жердин аталышына укуктарын жоготкондугуна байланыштуу каттоонун колдонулушун токтотуу жөнүндө маалыматтарды киргизет;

*(Уландысы 11-бетте)*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ОБЪЕКТИЛЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК РЕЕСТРЛЕРИ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

*(Башталышы 10-бетте)*

ГК жана ТЧЖА мамреестрине киргизилген маалыматтар жөнүндө кабарлоону жарыялоого жөнөтөт;

- күбөлүктүн колдонулушу токтотулган учурда:

юридикалык жак жоюлганда же укук ээсинин Кыргызпатентке берген өтүнмөсүнүн негизинде жеке жактын - укук ээсинин ишкердик иши укук мураскерин түзүүсүз токтотулганда ГК жана ТЧЖА мамреестрине географиялык көрсөтмөнү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоонун колдонулушун токтотууга, күбөлүктүн колдонуу мөөнөтү бүткөндүгүнө (Мыйзамдын 44-беренеси), мындай географиялык көрсөтмөгө же товар чыгарылган жердин аталышына карата ГК жана ТЧЖА мамреестринде көрсөтүлгөн өзгөчө касиеттерин жоготкондугуна байланыштуу каттоонун колдонулушун токтотуу жөнүндө маалыматтарды киргизет;

- ГКК жана ТЧЖА мамреестрине киргизилген маалыматтар жөнүндө кабарлоону жарыялоого жөнөтөт.

Кайсы жак болбосун жогоруда көрсөтүлгөн негиздер боюнча географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоонун же географиялык көрсөтмөлөрдү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна күбөлүктүн колдонулушун токтотуу жөнүндө каршы пикирин Апелляциялык кеңешке бере алат. Каршы пикир ал келип түшкөн күндөн тартып үч айдын ичинде каралууга тийиш.

Апелляциялык кеңештин чечими өтүнмө ээси тарабынан аны алган күндөн тартып үч айдын ичинде сотко даттанылышы мүмкүн.

4) Күбөлүктүн колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө маалыматтарды киргизүү

ГК жана ТЧЖА мамреестрине географиялык көрсөтмөлөргө жана товар чыгарылган жердин аталышына күбөлүктүн колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп географиялык көрсөтмөлөргө жана товар чыгарылган жердин аталышына күбөлүктүн колдонуу мөөнөтүнүн акыркы жылынын ичинде укук ээсинин же анын укук мураскеринин, өкүлүнүн берген өтүнмөсү эсептелет.

Күбөлүктүн колдонуу мөөнөтү ар бир жолу он жылга алым төлөнгөн шартта узартылышы мүмкүн. Ээсинин өтүнүч каты боюнча географиялык көрсөтмөгө жана товар чыгарылган жердин аталышына күбөлүктүн колдонуу мөөнөтүн узартуу үчүн күбөлүктүн колдонуу мөөнөтү өткөндөн кийин кошумча алым төлөнгөн шартта ага алты айлык мөөнөт берилиши мүмкүн.

Өтүнмө төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

- күбөлүктүн номери;
- географиялык көрсөтмөнү жана товар чыгарылган жердин аталышын каттоого жана пайдалануу укугун берүүгө өтүнмөнүн же катталган географиялык көрсөтмөнү жана товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугун берүүгө өтүнмөнүн номери;
- күбөлүктүн колдонуу мөөнөтү;
- укук ээсин көрсөтүү (жеке жактын аты-жөнүн же юридикалык жактын аталышын);
- укук ээсинин дареги.

Өтүнмөгө төмөнкүлөр тиркелүүгө тийиш:

- компетенттүү органдын (компетенттүү органдардын) укук ээсинин мындай географиялык объектте жүргөндүгүн жана күбөлүктө көрсөтүлгөн касиеттер менен товар өндүрүп жаткандыгын ырастоочу корутундусу;
- белгиленген алым төлөнгөндүгү жөнүндө документ;
- укук ээси тарабынан Кыргызпатентте катталган патенттик ишенимдүү өкүлгө берилген ишеним кат, эгерде өтүнмө ал аркылуу берилсе.

Документтер келип түшкөн күндөн тартып бир айдын ичинде каралат жана карап чыгуу бүткөндөн кийин оң натыйжа болгондо реестрлер бөлүмү:

- күбөлүктүн колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө күбөлүккө кошумча барак даярдайт;
- ГК жана ТЧЖА мамреестрине күбөлүктүн колдонуу мөөнөтү узартылган дата киргизилет;
- күбөлүктүн колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө кабарлоону жарыялоого жөнөтөт;
- укук ээсине, патенттик ишенимдүү өкүлгө же өкүлгө күбөлүктүн колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө маалыматтарды камтыган күбөлүккө кошумча баракты почта аркылуу, электрондук почта аркылуу же коммуникациянын башка электрондук түрлөрү аркылуу жөнөтөт.»;

5-пунктчанын экинчи абзацындагы «ТЧЖА» деген аббревиатура «ГК жана ТЧЖА» деген сөздөргө алмаштырылсын;

6-пунктчада:

экинчи, алтынчы абзацтарда «күбөлүктүн ээсинин» деген сөздөр «укук ээсинин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

сегизинчи абзацтагы «ТЧЖА» деген аббревиатура «ГК жана ТЧЖА» деген сөздөргө алмаштырылсын;

тогузунчу абзацтагы «күбөлүктүн ээсине» деген сөздөр «укук ээсине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толукталсын:

«6. ГК жана ТЧЖА мамреестринен көчүрмө берүү.

ГК жана ТЧЖА мамреестринен көчүрмө күбөлүктүн укук ээси, патенттик ишенимдүү өкүл же өкүл берген өтүнүч каттын негизинде берилет.

Өтүнүч кат юридикалык же жеке жак тарабынан мамлекеттик же расмий тилде берилет. Юридикалык жактан өтүнүч катка уюмдун жетекчиси же белгиленген тартипте ыйгарым укук берилген башка жак тарабынан аты-жөнү, кызмат ордун көрсөтүү менен кол коюлат жана мөөр басылат.

Жеке жактан өтүнүч кат - аты-жөнүн көрсөтүү менен (эгер бар болсо, мөөр).

Өтүнүч катта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- күбөлүктүн номери;
- ГК жана ТЧЖА мамреестринде катталган датасы;
- географиялык көрсөтмөнүн жана товар келип чыккан жердин аталышы;
- укук ээсинин аталышы.

Түздөн-түз берген же почта аркылуу же электрондук түрдө берилген өтүнүч кат жана ага тиркелген документтер келип түшкөн датадан тартып он жумуш күндүн ичинде каралат.»;

- жогоруда аталган Жобонун 8-тиркемесинде:

4-пунктта:

4-пунктчанын сегизинчи абзацында «Мамкомиссиянын, Мамлекеттик асыл тукум инспекциясынын» деген сөздөр «айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7-пунктчанын биринчи абзацында «$32^1$-беренесине» деген сөздөр «$30^1$-беренесине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

«5. СЖ мамреестринен көчүрмө берүү.

СЖ мамреестринен көчүрмө патент ээси, патенттик ишенимдүү өкүл же өкүл берген өтүнүч каттын негизинде берилет.

Өтүнүч кат юридикалык же жеке жак тарабынан мамлекеттик же расмий тилде берилет. Юридикалык жактан өтүнүч катка уюмдун жетекчиси же белгиленген тартипте ыйгарым укук берилген башка жак тарабынан аты-жөнү, кызмат ордун көрсөтүү менен кол коюлат жана мөөр басылат.

Жеке жактан өтүнүч кат - аты-жөнүн көрсөтүү менен (эгер бар болсо, мөөр).

Өтүнүч катта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- патенттин номери;
- СЖ мамреестринде катталган датасы;
- селекциялык жетишкендиктин аталышы;
- ээсинин аталышы.

Түздөн-түз берген же почта аркылуу же электрондук түрдө берилген өтүнүч кат жана ага тиркелген документтер келип түшкөн датадан тартып он жумуш күндүн ичинде каралат.»;

- жогоруда аталган Жобонун 9-тиркемесинде:

4-пункттун 1-пунктчасынын жыйырма үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- өзгөртүүлөр киргизилген күбөлүккө кошумча баракты укук ээсине же өкүлүнө түздөн-түз же электрондук түрдө өтүнмөлөрдү берүү системасы аркылуу анын дарегине жөнөтөт.»;

төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

«5. ЭЭМ мамреестринен көчүрмөнү берүү.

ЭЭМ мамреестринен көчүрмө күбөлүктүн ээси же өкүл берген өтүнүч каттын негизинде берилет.

Өтүнүч кат юридикалык же жеке жак тарабынан мамлекеттик же расмий тилде берилет. Юридикалык жактан өтүнүч катка уюмдун жетекчиси же белгиленген тартипте ыйгарым укук берилген башка адам тарабынан аты-жөнү, кызмат ордун көрсөтүү менен кол коюлат жана мөөр басылат.

Аты-жөнүн көрсөтүү менен жеке жактан өтүнүч кат (эгер бар болсо, мөөр).

Өтүнүч катта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- күбөлүктүн номери;
- ЭЭМ мамреестринде катталган датасы;
- электрондук эсептөө машиналары үчүн программанын аталышы;
- ээсинин аталышы.

Түздөн-түз берген же почта аркылуу же электрондук түрдө берилген өтүнүч кат жана ага тиркелген документтер келип түшкөн датадан тартып он жумуш күндүн ичинде каралат.»;

- жогоруда аталган Жобонун 10-тиркемесинде:

төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

«5. МБ мамреестринен көчүрмө берүү Кыргыз Республикасынын Электрондук эсептөө машиналары үчүн программалардын мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартибинин 5-пунктунда көрсөтүлгөн иш-аракеттерге окшош жүргүзүлөт.»;

- жогоруда аталган Жобонун 11-тиркемесинде:

төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

«5. ИМСТ мамреестринен көчүрмөнү берүү Кыргыз Республикасынын Электрондук эсептөө машиналары үчүн программалардын мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартибинин 5-пунктунда көрсөтүлгөн иш-аракеттерге окшош жүргүзүлөт.»;

- жогоруда аталган жобонун 12-тиркемесинде:

4-пунктта:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- автордун же укук ээсинин аталышынын же аты-жөнүнүн жана/же дарегинин өзгөрүшү жөнүндө;»;

1-пунктчада:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1) Автордун же укук ээсинин аталышын же аты-жөнүн жана/же дарегин өзгөртүү жөнүндө маалыматтарды киргизүү.»;

жыйырма төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- мүлктүк укуктун ээсинин (өкүлүнүн) дарегине түздөн-түз же электрондук түрдө өтүнмөлөрдү берүү системасы аркылуу киргизилген өзгөртүүлөр менен күбөлүккө кошумча баракты жөнөтөт.»;

төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

«5. АУ мамреестринен көчүрмө берүү.

АУ мамреестринен көчүрмө күбөлүктүн ээси же өкүл берген өтүнүч каттын негизинде берилет.

Өтүнүч кат юридикалык же жеке жак тарабынан мамлекеттик же расмий тилде берилет. Юридикалык жактан өтүнүч катка уюмдун жетекчиси же белгиленген тартипте ыйгарым укук берилген башка адам тарабынан аты-жөнү, кызмат ордун көрсөтүү менен кол коюлат жана мөөр басылат.

Жеке жактан өтүнүч кат - аты-жөнүн көрсөтүү менен (эгер бар болсо, мөөр).

Өтүнүч катта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- күбөлүктүн номери;
- АУ мамреестринде катталган датасы;
- автордук укук объекттеринин аталышы;
- ээсинин аталышы.

Түздөн-түз берген же почта аркылуу же электрондук түрдө берилген өтүнүч кат жана ага тиркелген документтер келип түшкөн датадан тартып он жумуш күндүн ичинде каралат.»;

- жогоруда аталган Жобонун 13-тиркемесинде:

төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толукталсын:

«6. ЧУ мамреестринен көчүрмө берүү Кыргыз Республикасынын Автордук укук объектилеринин мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартибинин 5-пунктунда көрсөтүлгөн иш-аракеттерге окшош жүргүзүлөт.»;

- жогоруда аталган Жобонун 14-тиркемесинде:

төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

«5. РС мамреестринен көчүрмө берүү.

РС мамреестринен көчүрмө күбөлүктүн ээси же анын өкүлү берген өтүнүч каттын негизинде берилет.

Өтүнүч кат юридикалык же жеке жак тарабынан мамлекеттик же расмий тилде берилет. Юридикалык жактан өтүнүч катка уюмдун жетекчиси же буга белгиленген тартипте ыйгарым укук берилген башка адам аты-жөнүн, кызмат ордун көрсөтүү жана мөөр басуу менен кол коёт.

Жеке жактын өтүнүч каты - аты-жөнүн көрсөтүү менен (мөөр, эгер бар болсо).

Өтүнүч катта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- күбөлүктүн номери;
- РС мамреестринде катталган дата;
- рационализатордук сунуштун аталышы;
- ээсинин аталышы.

Түздөн-түз берилген же почта аркылуу же электрондук түрдө келип түшкөн өтүнүч кат жана ага тиркелген документтер алар келип түшкөн датадан тартып он жумуш күндүн ичинде каралат.»;

- ушул токтомдун тиркемесине ылайык 16-тиркеме менен толукталсын.

**3 .** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-октябрындагы №753 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун 3-пунктунун 3-пунктчасы;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 20-февралындагы №79 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы №154 «Салттуу билимдерди каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө жана катталган салттуу билимдерди пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелерин, Кыргыз Республикасынын Салттуу билимдеринин мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомунун 1-пунктунун 3-пунктчасы.

**4.** Иш-чараларды каржылоо республикалык бюджетте интеллектуалдык менчик жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 17-январы, №12***

## 2023-2027-ЖЫЛДАРГА УЛУТТУК НАРКТЫ САКТОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ УЛУТТУК ПРОГРАММАНЫ ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА “ЖОЛ КАРТАНЫ” БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 30-августундагы №303 “2022-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны бекитүү тууралуу” Жарлыгы менен бекитилген 2022-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны аткаруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) 2023-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны ишке ашыруу боюнча “Жол карта” (мындан ары - “Жол карта”) 1-тиркемеге ылайык;

2) “Жол картаны” ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун матрицасы 2-тиркемеге ылайык.

**2.** “Жол картаны” ишке ашырууга тартылган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы, Кыргыз Республикасынын “ЭлТР” мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жана Кыргызстан калкы ассамблеясы (макулдашуу боюнча):

1) “Жол картаны” белгиленген мөөнөттө кынтыксыз аткаруу боюнча толук чараларды көрсүн;

2) квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 10уна чейин “Жол картаны” ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине берип турсун.

**3.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 25ине чейин “Жол картаны” аткаруунун жүрүшү жөнүндө жалпыланган маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берип турсун.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А. ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 17-январы, №13***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## Сообщение о существенном факте ОАО МФК «ИнвесКор СА»

### РЕШЕНИЯ ПРИНЯТЫЕ
### Внеочередным общим собранием акционеров:

| | |
|---|---|
| **Форма проведения:** | Очное голосование |
| **Место проведения собрания:** | г. Бишкек, ул. Коенкозова, д. 75, офис 3 |
| **Дата проведения собрания:** | 19 января 2024 года. |
| **Время проведения собрания:** | 10.00 часов |
| **Председатель собрания:** | Пурэв Ралгаа |
| **Секретарь собрания:** | Куйкеев Эмир Эрикович. |

1. Функции счетной комиссии возложить на Тентишеву Г.М. представителю ОсОО «Реестродержатель Медина».
2. Досрочно прекратить полномочия члена Совета директоров Авирмэд Бадарч.
3. Избрать в Совет директоров Общества Нацагдорж Арсланбаатар.
4. Утвердить с 19 января 2024 года, размер вознаграждения членам Совета Директоров.

## «МФК «ИнвесКор СА» ААК

*(миң кыргыз сому менен)*

### ФИНАНСЫЛЫК АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
### 2023-жылдын 31-декабрына карата (кошо алганда)

| | 31.12.2023-ж. | 31.12.2022-ж. |
|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | |
| Акча каражаттары жана банк эсептери | 23 447 | 9 055 |
| Пайдалануусу чектелген акча каражаттары | 1 100 | 1 100 |
| Туунду финансы аспаптары | - | 12 730 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 825 737 | 434 780 |
| *Минус: Кардарларга берилген ссудалар жана кредиттер боюнча мүмкүн болуучу жоготууларга кам** | (13 789) | (7 686) |
| Кардарларга берилген кредиттер - нетто | 811 948 | 427 094 |
| Пайдалануу укугу формасындагы активдер | 11 586 | 12 573 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 6 017 | 4 891 |
| Сатуу үчүн арналган узак мөөнөттүү активдер | 3 633 | 2 808 |
| Киреше салыгы боюнча кийинкиге калтырылган активдер | 1 467 | 784 |
| Башка активдер | 2 938 | 2 436 |
| **ЖАЛПЫ АКТИВДЕР** | **862 134** | **473 471** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | |
| Банктардан алынган кредиттер | 145 688 | 60 315 |
| Башка финансылык-кредиттик уюмдардан алынган кредиттер | 533 565 | 298 930 |
| Чыгарылган облигациялар | 15 619 | |
| Төлөнө турган салыктар | 3 766 | 1 739 |
| Ижара милдеттенмелери | 12 616 | 13 564 |
| Кийинкиге калтырылган киреше салыгы боюнча милдеттенмелер | - | 0 |
| Башка милдеттенмелер | 18 640 | 7 949 |
| **ЖАЛПЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | **729 894** | **382 496** |
| **Капитал** | | |
| Уставдык капитал | 100 344 | 59 000 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда (чыгым)** | 32 536 | 31 975 |
| **ЖАЛПЫ КАПИТАЛ** | **132 880** | **90 975** |
| **ЖАЛПЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | **862 774** | **473 471** |
| **КР Улуттук банкынын талаптарына ылайык кардарлардын кредиттери боюнча түзүлгөн потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдын чоңдугу төмөнкүлөрдү түздү:* | (9 387) | -8 804 |
| *** Улуттук банктын талаптарына ылайык бөлүштүрүлбөгөн пайда/чыгым:* | 134 458 | 88 308 |

## «МФК «ИнвесКор СА» ААК

*(миң кыргыз сому менен)*

### ЧОГУУ АЛГАНДАГЫ КИРЕШЕ (ЧЫГАША) ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ
### 2023-жылдын 31-декабрына карата (кошо алганда)

| | 31.12.2023-ж. | 31.12.2022-ж. |
|---|---|---|
| Пайыздык киреше | 197 248 | 91 559 |
| Пайыздык чыгымдар | (103 331) | (46 896) |
| **БААНЫН ТҮШҮҮСҮНӨ КАМ ТҮЗҮЛГӨНГӨ ЧЕЙИНКИ ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ** | **93 917** | **44 663** |
| *Пайыздар чегерилүүчү активдердин баасынын түшүүсү үчүн камды калыбына келтирүү /(түзүү)* | (10 828) | (5 290) |
| **ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ** | **83 089** | **39 373** |
| Кызмат көрсөтүүлөр боюнча кирешелер жана алынган комиссиялар | 792 | 321 |
| Башка кирешелер | 3 427 | 2 793 |
| Башка операциялар боюнча активдердин баасынын түшүүсү үчүн камды (түзүү) /калыбына келтирүү | (685) | (245) |
| **ПАЙЫЗДЫК ЭМЕС ТАЗА КИРЕШЕЛЕР** | **3 534** | **2 868** |
| Жалпы киреше | 86 623 | 42 241 |
| Операциялык чыгымдар | (53 511) | (33 248) |
| Пайда салыгына чейинки пайда | 33 113 | 8 993 |
| Пайда салыгы боюнча чыгымдар | (3 244) | (217) |
| **Жылдык пайда** | **29 869** | **8 775** |
| **Башка жалпы киреше** | **-** | |
| **Бир жылдык жалпы жыйынды киреше.** | **29 869** | **8 775** |
| *Бир акцияга карата пайда (сом)* | 50,62 | 87,75 |
| **Маалымат катары:** | | |
| *Улуттук банктын талаптарына ылайык таза пайда/чыгым: | **34 114** | **6 490** |

**Башкарманын Төрагасы** — **ТУРДАЛИЕВ Т. А.**
**Башкы бухгалтер** — **ОРОЗАЛИЕВА К.З.**

***Сиз "МФК "ИвесКор СА" ААКсынын финансылык отчеттору жана көрсөткүчтөрү менен "МФК "ИвесКор СА" ААКсынын каалаган тейлөө түйүнүнөн, ошондой эле төмөнкү сайттан тааныша аласыз: https://invescore.kg***

## МФКнын башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган чечимдерге олуттуу (тике же кыйыр) таасир тийгизүүчү жактардын ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **МФКнын фирмалык толук аталышы:** | Ачык акционердик коому «Микрофинансылык компания «ИнвесКор СА» |
| **МФКнын Кыскартылган фирмалык аталышы:** | ААК МФК «ИнвесКор СА» |
| **БФКУнун каттоо номери каттоо номери:** | 50642-3300-ЖАК |
| **МФКнын почта дареги:** | Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Коенкөзов көч., 75 |

| **БФКУнун 5 жана андан ашык пайыздагы (%) акцияларга (катышуу үлүшүнө) ээлик кылган акционерлери (катышуучулары)** | | | **БФКУнун башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган чечимдерине кыйыр түрдө (үчүнчү жак аркылуу) олуттуу таасирин тийгизүүчү жак** | **БФКУнун акционерлери (катышуучулары) менен БФКУнун башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган чечимдерине кыйыр түрдө (үчүнчү жак аркылуу) олуттуу таасирин тийгизүүчү жактардын ортосундагы өз ара байланыштар** |
|---|---|---|---|---|
| № п/б | Юридикалык жана айкын дарегин көрсөтүү менен юридикалык жактын фирмалык толук жана кыскартылган аталышы/ жарандыгын көрсөтүү менен жеке адамдын аты-жөнү | БФКУнун акционерине (катышуучусуна) тиешелүү акциялары (үлүшү) (БФКУнун добуш берүүчү акцияларынын (үлүшүнүн) жалпы санына карата добуштардын пайызы) | | |
| 1 | "Invescore" БФКИ АК, Монголия, Улан-Батор, 14251, Сухбатор району, 2 хорос, Сеул көч. 10/1, Twin Tower 1, 13-кабат | 73,6% | - | - |
| 2 | Асанакунов Уланбек Исаевич | 22% | | |
| 3 | Токтогулов Миррахим Токтогулович | 4,4% | | |

**Башкарманын Төрагасы** — **ТУРДАЛИЕВ Т. А.**

**Башкы бухгалтер** — **ОРОЗАЛИЕВА К.З.**

## Отчеттук чейректе болгон МФКнын финансылык-чарбалык ишине таасир эткен олуттуу фактылар жөнүндө маалымат:

| Маалыматтын аталышы | Комментарийлер |
|---|---|
| - БФКУнун башкаруу органына кирген (катышуучулардын жалпы чогулушун эске албаганда) адамдардын тизмесиндеги өзгөрүүлөр; | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - БФКУ башкаруусунун шайлоо органдарына кирген адамдардын, БФКУнун капиталында, ошондой эле анын туунду жана көз каранды компанияларына катышуусунун санынын өзгөрүүсү; | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - акцияларга 5 же андан ашык пайыз ээлик кылуучулардын, ошондой эле (акционердик коом формасында түзүлбөгөн БФКУ үчүн, катышуучулардын тизмесиндеги жана БФКУда алардын катышуу үлүшүнүн өзгөрүүсү) акцияларга 5 же андан ашык пайыз ээлик кылуучулардын үлүштөрүнүн өзгөрүүсү жөнүндөгү тизмедеги өзгөрүүлөр; | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - БФКУ, уставдык капиталынын 20 жана андан ашык пайызына ээлик кылган юридикалык жактардын тизмесиндеги өзгөртүүлөр; | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - БФКУнун, өлчөмү же мүлктүн наркы анын бүтүм келишилген күнгө карата активдеринин 10 жана андан ашык пайызын түзгөн бир жолку бүтүмдөрү; | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - БФКУнун активдеринин наркынын бир жолу көбөйүүсүнө же 10 пайыздан ашык азаюусуна алып келген факты (фактылар); | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - БФКУнун таза пайдасынын бир жолу көбөйүүсүнө же таза чыгымынын 10 пайыздан ашык көбөйүүсүнө алып келген факты (фактылар); | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - БФКУну, анын туунду жана көз каранды коомдорду кайра өзгөртүп түзүү; | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - БФКУнун баалуу кагаздары боюнча чегерилген жана (же) төлөнүүчү (төлөнгөн) кирешелери; | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - жалпы чогулуштун чечимдери; | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - БФКУнун баалуу кагаздарынын ордун жабуу; | өзгөрүүлөр болгон жок |
| - баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ченемдик укуктук актыларында каралган башка окуялар (фактылар). | 2023-жылдын 10-октябрында «ИнвесКор СА» МФК ААК номиналдык пайыздык облигациялардын биринчи чыгарылышын жайгаштырды. Чыгарылган облигациялардын жалпы саны: 75 000 (жетимиш беш миң) нуска; Облигациянын номиналы: 1 000 (бир миң) сом. Жүгүртүү мөөнөтү: облигациялардын ар бир траншын жайгаштыруу башталган күндөн тартып 36 (отуз алты) ай, Облигациянын кирешелүүлүгү: жылдык 19%. Мамлекеттик каттоо номери жана Датасы: KG 0201224612 29-сентябрь 2023-ж. |

**Башкарманын Төрагасы** — **ТУРДАЛИЕВ Т. А.**

**Башкы бухгалтер** — **ОРОЗАЛИЕВА К.З.**

С/О-061

## ЗАПРОС ВЫРАЖЕНИЯ ЗАИНТЕРЕСОВАННОСТИ
## (Консультационные услуги – Отбор компаний)

**Кыргызская Республика**

**Второй Проект Региональное Экономическое Развитие**

**Credit No. 7049 KG, Grant No. D976 KG**

**Название задания:** *Консультационные услуги на ведение технического надзора за строительными работами в гг. Баткен, Кадамжай и Раззаков.*

**Контракт №: ARIS-IDA-RED2-CS-QCBS-2023-2-1**

Правительство Кыргызской Республики получило финансовую поддержку от Международной ассоциации развития (МАР) для реализации Второго проекта регионального экономического развития (ПРЭР-2) и намерено использовать часть средств на консультационные услуги.

**Основные задачи:**

Целью данного задания является предоставление качественных услуг по ведению технического надзора за строительными работами на предмет соответствия проектным решениям и согласованной рабочей программе и рассмотрение проектной документации. Данное задание включает в себя отдельные строительные работы в рамках Компонента 1 ПРЭР-2.

Консультант от имени Заказчика должен убедиться в том, что:

